АБДУЛХАМИД АБУ СУЛАЙМАН

# МУСУЛМАН ДҮЙНӨСҮНДӨ ЖОГОРКУ БИЛИМДИН ЖАНДАНУУСУ

АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШТЫН 12-СЕРИЯСЫ

**Абдулхамид Абу Сулайман**
**AbdulHamid AbuSulayman**

# МУСУЛМАН ДҮЙНӨСҮНДӨ ЖОГОРКУ БИЛИМДИН ЖАНДАНУУСУ

## REVITALIZING HIGHER EDUCATION IN THE MUSLIM WORLD

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)

*Бишкек - 2021*

**УДК 297:378**
**ББК 86.38**
**А 13**

Автору: **Абдулхамид Абу Сулайман**
Мусулман дүйнөсүндө жогорку билимдин жандануусу/
Которгон : **А. О. Ибраев.** –Б.: 2021. – 40 б.
Китептин редактору: **К. Исмаилова**

Бул китеп жалпы окурмандарга, Ислам динине кызыккандарга, Ислам динин изилдегендерге өтө пайдалуу. Бул китептин өзгөчөлүгү – жогорку билим берүү системасына болгон жаңы көз караштЫ сунуштайт.

Китеп "Ихсан Хайрия" коомдук фонду тарабынан жарыкка чыгарылган

**Бул китеп Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармасы тарабынан тастыкталган. №150**

**Мусулман дүйнөсүндө жогорку билимдин жандануусу (Kyrgyz)**
*Абдулхамид Абу Сулайман*
*Атайын чыгарылыштын 12-сериясы*

© Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)
1442 AH / 2021 CE
*Paperback* ISBN: 978-9967-9330-0-2

**Revitalizing Higher Education in the Muslim World (Kyrgyz)**
*AbdulHamid AbuSulayman*
*Occasional Paper Series 12*

The International Institute of Islamic Thought (IIIT)
1428 AH / 2007 CE
*Paperback* ISBN: 987-1-56564-430-4
IIIT
P.O.Box 669
Herndon, VA 20172, USA
www.iiit.org

Бардык укуктар корголгон

**УДК 297:378**
**ББК 86.38**

# МАЗМУНУ


Киришүү....4
Маселе....6
Билим берүү....8
Эмнеден баштоо керек ....9
Ислам маданиятын реформалоо долбоорунда жогорку билим берүүнүн орду....13
Мусулман өлкөлөрүндөгү жогорку билим берүүнүн кемчиликтери....13
Билимди исламдаштыруу: жогорку билимди өнүктүрүүдөгү таасирдүү тажрыйба....16
Малайзия Эл аралык ислам университетинин билим берүүнү исламдаштыруу боюнча тажрыйбасы....18
Дене жана жан дүйнө....19
Ислам жана гуманитардык илимдерди изилдөө....20
Тилдер жана арабдашуу.... 25
Тилдин жөнөкөйлөштүрүлүшү:грамматика жана орфография.... 27
Билимди өркүндөтүү жана изилдөө иштерине дем берүү.... 30
Окуу жана билим берүү иш-аракеттерин интеграциялоо....33
Келечектеги натыйжалар.... 35
Ресурстар жана каржаттар.... 37
Келечек.... 38

# КИРИШҮҮ

Мусулман дүйнөсүндөгү билим берүү системасы кризиске учуроодо. Бүгүн биз көрөгөч жетекчиликтин жоктугунун натыйжалык таасирин көрүп жатабыз. Бул билим берүү ресурстарына реалдуу инвестициялардын кайдыгерлиги, билим берүүчүлөр тарабынан мотивациянын жоктугу жана кеңири жайылган өзүн-өзү аныктоо мүмкүнчүлүгүнүн жоголушу менен шартталат.

Бул көйгөйлөрдүн айрымдарын мусулман окутуучулары толук эмес болсо дагы чечип келишкен. Бирок, мусулман дүйнөсүндө билим берүү стандарттарынын төмөндөшүнө ар тараптуу изилдөөгө аз көңүл бурулган. Демек, мусулмандардын жалпы схоластикалык (гр. scholasticos, schole – мектептик, мектеп, википедиядан алынган) өндүрүмдүүлүгү эң төмөнкү деңгээлде.

Билим берүү – ар кандай улуттун негизги курулуш материалдарынын бири. Билим берүү системасысыз, экономикалык прогресс жана социалдык эволюцияны элестетүү мүмкүн эмес. Ошол сыяктуу эле, улуттук өнүгүү саясаты билим берүү тармагындагы олуттуу өсүш менен ажырагыс байланышта болбосо, ийгиликке жетүү кыйын.

Билим берүү тармагы эркин, демократиялык жана акыйкат коомдо гүлдөйт. Бирок, мусулман дүйнөсүндөгү саясий чөйрө репрессияга дуушар болууда. Эгерде биз иликтөө үчүн тоскоолдуктарды алып салууну өз мойнубузга албасак, анда билим берүүнүн кайра жаралуусуна үмүтүбүз аз. Ошондуктан, мусулман дүйнөсүндө билим берүү динамикасын өзгөртүү жана аны дүйнөлүк стандарттарга ылайыкташтыруу боюнча ар бир демилге мактоого татырлык.

Малайзия Эл аралык ислам университетинин (МЭИУ) түзүлүшү - ийгиликтин белгилерин көрсөткөн тажрыйбалардын бири десек болот. Бул жагынан алганда, Абдулхамид Абу Сулайман билим берүү, айрыкча МЭИУ жөнүндө макала жазууга ылайык инсан. Анын университет үчүн зор кызматы жана мусулман дүйнөсүндө интеллектуалдык капиталды өнүктүрүүгө кошкон салымы мактоого татыктуу жана аны ушул тармакта мыкты адис катары кабыл алсак болот. Бул университеттин концептуалдык матрицасы билим берүү чөйрөсүнө болгон мусулманчылык мамилени сын көз караш менен карап чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Экинчи жагынан, Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT, мындан ары ИОЭИ) сунуш кылган интеллектуалдык стимулдар жана Билим берүү, Илим жана Маданият боюнча Ислам Уюмунун (ISESCO) материалдык жардамы бул институттун жашоосунда маанилүү ролду ойноду. Саясий кийлигишүүдөн алыс болуп жана мусулмандардын ич ара кызматташуусу айкын натыйжаларга алып келиши мүмкүн дегенден кабар бе-

рет. Мусулмандын окумуштуулук иш-чаралары – мүлк болуп саналат. Демек, биз үммөт үчүн гана эмес, бүткүл дүйнөнүн эркин, демократиялык жана адилеттүү коомунун идеалдарына болгон баалуулугун ар дайым жогорулатууга бүт күчүбүздү жумшашыбыз керек.

*АНВАР ИБРАХИМ*

*Малайзиянын экс вице-премьер министри*

# МУСУЛМАН ДҮЙНӨСҮНДӨ ЖОГОРКУ БИЛИМДИН ЖАНДАНУУСУ

## Маселе

Бул маселени чечүү үчүн, көпчүлүк учурда белгиленген ыкма – туура эмес диагноз же себептерин туура эмес талдоонун негизинен кырдаалды толугу менен чечүү үчүн ылайыктуу эмес же жетишсиз болуп калат. Чындыгында бул үммөттүн (мусулман элинин) жетишсиз өнүгүшү боюнча коюлган туура эмес диагнозун билдирип, натыйжада алар бир нече кылым бою азап чегип келген. Абу Хамид аль-Газалинин «Тахафут аль-Фаласифасындагы» (философтордун ыраатсыздыгы) каккан коңгуроосу жана «Ихия улум ад-динден» (диний илимдердин кайра жаралышы) ооруга шыпаа издегени, майнапсыз болгондой. Диагноздун да, дарылоонун да майнапсыз болгон негизги себептеринин бири ушул кезге чейин негизги себептерге эмес, симптомдорго басым жасалып келген. Натыйжада, цивилизациянын үстөмдүк кылган түшүнүгүн бурмалоодон, колдонулган ыкманын мүмкүн эместигинен жана чектелген фундаменталдык себептерди изилдөөдөн тышкары көрүнүштөр гана максат болуп калды.

Үммөт бир катар оорулардан, анын ичинде артта калуучулуктан, бөлүнүүчүлүктөн, зулумдуктан, адилетсиздиктен, жакырчылыктан, сабатсыздыктан жана башка көптөгөн оорулардан жабыркап келет. Ошол эле учурда, үммөт бийликти, биримдикти жана акыйкаттыкты каалайт.

Анын саясий, экономикалык, илимий жана технологиялык өнүгүүгө болгон бир дагы үмүтү акталган жок. Алар дагы эле орундалбай турган идеал жана горизонттогу кол жеткис закым бойдон кала берет.

Үммөткө жана анын эли үчүн өнүккөн дүйнөнү кармануга жана адам өмүрүнүн, билимдин жана ден-соолуктун жогорку жана чыныгы нормаларынан ырахат алууга умтулуу – бул дагы деле болсо аткарыла элек каалоо. Негизги реформаторлордун арасында ушул реформалардын бардыгы зарыл деген келишим пикир бар. Бирок, мусулман элинин учурдагы летаргиядан (байыркы-грек тилинен λήθη — «унуткаруу», и ἀργία — «аракетсиздик» википедиядан) ойгонушу да, анын реформасы, атап айтканда билим берүү реформалары болбосо, анын миссиясы ишке ашпайт. Ошондой эле, бул реформаларды терең жана кеңири себептердин белгилерине гана тиешелүү деп

эсептешет. Мусулмандар бул себептерди аныктоо үчүн тиешелүү билим куралдары менен куралдануу үчүн тайманбас жана сын көз-карашты кабыл алышмайынча, үммөт аларды кабыл албайт. Ал дагы деле болсо аларга туруштук бере албайт жана өзүнүн мыйзамдуу маданий максаттарын, талаптарын жана өтө зарыл болгон практикалык реформаларын ишке ашыра албай келет. Үммөттүн тарыхындагы артта калуунун аспектилери - иштин жетишсиздигинин бир гана көрүнүшү. Бул оору начар психологиялык мотивациядан улам келип чыгып, бурмаланган көрүнүш жана туура эмес мамиле менен шартталган. Бул үммөттүн таанып-билүүчүлүк жана психологиялык түзүлүшүндөгү бурмалоолорго байланыштуу, алардын чыныгы табияты ачылганда жана мусулман реформа аракеттеринин чордонунда болгондо гана чечүүгө болот. Ошондо гана мусулмадар жашоонун бардык тармактарында, анын ичинде саясат, экономика, илим жана технология чөйрөсүндө анын ийгиликсиздигин жана артта калышын шарттаган түшүнүктөн, начар мотивациядан жана жетишсиз көрсөткүчтөрдөн арыла алат.

Адамзаттын бештен бир бөлүгү жана Атлантикадан Тынч океанына чейин созулган аймакты камтыганын эске алсак, үммөт кандайча башкалардан биротоло артта калгандай сезилет? Бардык мусулман өлкөлөрүнүн жалпы улуттук дүң өнүмү (УДӨ) болжол менен 1100 миллиард АКШ долларын түзөт, бул Франциянын УДӨнөн аз жана Германиянын УДӨнүн жарымын түзөт! Бул Япониянын УДӨнүн төрттөн бир бөлүгүнө жетпейт, калкынын саны 120 миллиондон ашпаган, чакан аралдарда жашайт. Жаратылыш ресурстары начар, жалпы аянтынын төрттөн үчүнчү бөлүгүн тоолор ээлейт, ошондой эле жерди жана калкты кыйраткан жер титирөөлөр жана жанар тоолор бар.

Бул кайгылуу кубулуштун мүмкүн болгон бир түшүндүрмөсү – мусулмандар эң жогорку максаттарды койгону менен, ага жетүүгө болгон умтулуусун жоготкон көрүнөт. Үммөттүн жана анын элдеринин учурдагы умтулуулары, чыныгы келечекти жана чыныгы амбицияны көздөбөстөн, аз күч-аракет менен жашап кетүү керектигинде. Алар жөнөкөй ыкмаларды колдонуу менен жөнөкөй материалдарды өндүрүшөт же чет элдик тажрыйбадан жана керектөөчүгө багытталган өндүрүштөргө көз каранды. Бир нече долларга экспорттолгон тонна металлдар жана чийки заттар миллион долларлык электрондук жана технологиялык өнүмдөр түрүндө кайра кайтып келет. Эмне үчүн? Себеби адамдардын жетишкендиктери алардын иштөөсү, жөндөмү жана ой жүгүртүү сапаты менен аныкталат. Мусулман тараптын бул жетишкендиктери жоктой сезилет.

Бүгүнкү мусулмандар – алгачкы мусулмандардын урпактары (миссиянын мууну) жана ислам цивилизациясынын мураскорлору. Мусулман дүйнөсүндө табигый ресурстар жетиштүү, анын жери - кең жана бай. Ушул

сыяктуу эле, мусулмандарга асыл принциптер, баалуулуктар жана максаттар жетишсиз, анткени, исламда ушул сапаттар кеңири орун алган. Бирок, мусулмандар өздөрүнө жана тарыхына көз жүгүртмөйүнчө, аң-сезиминин жана рухтарынын таанып-билүүчүлүк менен психологиялык бурмалоолорун изилдешпесе, өздөрүнүн артта калгандыгын жана алсыздыгын түшүнө алышпайт. Аягында, оору – мусулман интеллектуалдык түзүлүшүнүн пайдубалында орун алды, ага кошулган психологиялык кесепеттер мусулмандарды эң жаман ооруга жана алардын начар иштешине алып келген. Бул оору бейтаптарды кайда барбасын, ага таасирин тийгизет. Ал үммөттү коомдук тартип, өндүрүш, билим берүү, технология, укуктарды коргоо жана мекенди коргоо тармактарында аксатат. Жалгыз гана дары - бул өзүңүздөгү реалдуу жана туруктуу өзгөрүүлөргө таасир этүү, башкача айтканда, акыл-эс жана жан дүйнөнү өзгөртүү: «Адам өзү өзгөрмөйүнчө, Кудай анын тагдырын өзгөртпөйт» (13:11).

## Билим берүү

Реформаторлордун билимди жакшыртуу максатында өздөрүн мобилизациялоосу туура, анткени, бул мамлекеттин эң маанилүү жана эң күчтүү курулуш блокторунун бири. Тилекке каршы, сапатына эмес санына байланыштуу, бардык тармактардай эле, реформалоочу иш-аракеттер үстүртөн калууда. Ал сырткы көрүнүштү билдирет жана жөндөмдүү адамдардын бардык түрлөрүн кайталоого жана тууроого негизделет. Ошентип, ал караңгылыкта башкаларды ээрчип, жолдо баратканда чалынып, кайда бурулаарын билбей калат.

Албетте, туура билим берүү жана окутуу – жашоону куруу үчүн туура пайдубал болуп саналат, анткени алар адамдын динамикалуу энергиясынын эки негизи. Аларсыз күч да, өндүрүш да, жетишүү да мүмкүн эмес. Тилекке каршы, билим берүү жана окутуу чөйрөсүндөгү реформачыл кыймылдар башкалардын имараттарын жана методдорун, анын ичинде санын жана окуу куралдарын кайталаган. Чет элдик мектептер, университеттерин филиалдары да ушундайча түзүлгөн. Ошентип, мусулман дүйнөсүндөгү билим берүү жана окутуу чөйрөсүндөгү шарттарды изилдөөдө, алардын “шаардык жана технологиялык” деп аталган нерсеге өтө басымдуулук кылганы, өнүккөн өлкөлөрдүн бардык акыркы үлгүлөрүнө окшошуу же кайталоо аракеттери көрүнүп турат. Реформалоо аракеттеринин негизги кызыкчылыгы жаңы техникаларды, жабдууларды жана системаларды импорттоого байланыштуу. Бул аракеттер жакында «көчүрүүгө жана кайталоого» гана таянып, «башаламан-

дыкка жана ойдон чыгарууга» айланат. Идеологиялык мааниде алганда, мындай мамиле кайталоо жана көчүрүп алуу менен гана сакталып калган тарыхый тууроодон жана пайдасыз кайталоодон эч айырмаланбайт.

Реформалар өз жемишин бербегени – таң калыштуу эмеспи? Чындыгында жакынкы тарыхты алсак, алар үммөттүн бир максатка карай умтулуусун жүзөгө ашырган эмес. Ийгиликтин жоктугу жана жан дүйнөнү жоготуу – чыныгы менен идеалдын, билдирүүлөр менен натыйжалардын ортосундагы чоң ажырымдан улам келип чыгууда. Билим берүү жана окутуу чөйрөсүндөгү реформаны жүзөгө ашыруу – саны боюнча импорттолуучу пландар, чиймелер, механизмдер, шаймандар жана жабдуулар менен гана чектелип калбасын түшүнүү керек.

Тескерисинче, ал - адамзаттын жана адамгерчиликтин курулуш блокторун, маданий процессин, доктриналык көз карашын, таанып-билүүсүн, интеллектуалдык жана илимий мамиленин маңызын терең түшүнүү. Бул терең аракеттер атайын жөндөмдү талап кылат. Мисалы, тиешелүү куралдар колдонулуп, керектүү көлөмгө, максаттарга жетүү, көйгөйлөрдү чечүү, саясий, экономикалык жана технологиялык тармактарда реформаларга жана прогресстерге жетишүү үчүн көндүмдөр иштелип чыгышы керек. Максаты – маданий жарышта жеңишке жетүү жана билдирүүнү жеткирүү.

## Эмден баштоо керек?

Азыркы учурда, ушул өзгөчө маселе боюнча мусулмандардын алдында турган эң маанилүү суроо: Эмнеден баштоо керек? Жооп — өзүн-өзү реформалоодон. Ислам реформасынын биринчи кадамы ар бир мусулман рухун реформалоодон башталат, алардын идеологиялык көз карашындагы, маданий мотивациясындагы, интеллектуалдык мамилесиндеги жана билим берүү дискурсундагы бурмалоолорду жоюу зарыл. Кылымдар бою үммөттүн өнүгүүсү менен коштолгон коогалаңдуу окуялар жана ар башка элдер калтырган улуттук мурастардын маданий элдик мурастары – бурмалоолорго негизинен жоопкерчиликтүү десек болот. Алар Исламдын VI кылымда пайда болгондон бери маданий прогресстин дөңгөлөктөрүнө ыргытылган таштардай эле. Бул тоскоолдуктар анын прогрессин тынымсыз басаңдатып, акырындык менен анын кыймылын толугу менен токтотту. Үммөттүн кылымдар бою иштетип келген соода-сатык иштеринин жана өнөр-жайынын натыйжасы эч нерсеге жарабай калганы - бул трагедия. Бүгүнкү күндө бул улуттардын жана цивилизациялардын өнүгүүсүндө кароосуз калган, катуу азап чегип, анын кайгысын ар дайым эскерип турган жансыз өлүккө айланды. Андан да жаманы, үммөт

душмандарынын олжосуна айланды.

Акыбал кантип ушундай кейиштүү абалга жетти? Баары эмнеден башталган? Качан бул бурмалоолор жана тоскоолдуктар мынчалык олуттуу түрткү болду? Бул Пайгамбарыбыздын доору жана халифат доорунун аяк-ташынан кийин, Умайяддардын бийлиги астында карама-каршылык доорунда башталды. Ушул мезгилде исламдык билим берүү жана окутуу көрсөткүчтөрү төмөндөп, фаворитизм жана сектантчылык өнүгүп, исламга чейинки караңгы маданияттардын калдыктары тез арада орун алган окуялардын чокусунда пайда болуп, чоң көйгөйлөрдү жаратышкан.

Натыйжада, Пайгамбарыбыздын доорундагы өрнөктү сактап калууга аракет кылган окумуштуулар акыры бийликтен, саясаттан жана коомдук жашоодон ажыратылган. Алар академиялык обочолонууга аргасыз болушкан, фатваларды чыгарууга, жеке иштери жана жеке абалы менен алектенүүгө, мечиттерде намаз окууга жана мечиттердеги семинарларга жогорку адеп-ахлак нормаларын сактоого чакырып турушкан.

Үммөттүн кыймылдаткыч күчү болгон ислам идеалынын жактоочуларын, активдүү илимпоздорун четтетүүсү жана обочолонтуусу, коркунучтуу кесепеттерден жапа чектирди: татаал, маданий, идеологиялык көз караш бурмаланды; улуттук башкаруу институттары жана үммөттүн билим берүү келечеги талкаланды.

Ар тараптуу, цивилизациялуу доктринага негизделген исламдык көз караш бул  тавхид акыйдасы (монотеизм – гр. - бир кудай, википедиядан) Аллахка жана Акыретке ишенүү. Кайрымдуулукту жана реформаны бул дүйнөнүн максаты катары кабыл алган олуттуу жана позитивдүү ишеним («Жер бетиндеги жашооң үчүн түбөлүк жашагандай иште жана Акыреттеги жашооң үчүн эртең өлүп калчудай болуп иште!»)  мусулмандын жашоосун бардык жагынан өзгөртүп, жалгыз Чыныгы Кудайга сыйынтып баш ийдирет. Бул көрүнүш үммөттүн абийири катары кызмат кылып, аны ушул жашоого да, акыретке да пайдалуу иш-аракеттерге үндөйт. Ал убакытты дуба (Аллахтын ысымы менен) жана аракет ортосунда бөлүштүрүүнү талап кылат. Дуба акыреттеги жашоо үчүн кудайга жаккан иштерди жасоого стимул болот.  Ошентип, бул өзүн-өзү тазалоо, туруктуулукту издөө, билим алууга болгон умтулуу, элдешүү аракеттери, жакырлардын муктаждыктарын канааттандыруу аракеттери, динди коргоо, өзүн-өзү коргоо, үй-бүлөнү жана мекенди коргоо, алсыздарды коргоо үчүн стимул болот. Бул, мусулмандын жашоосу жеке же коомдук чөйрөдө болобу, жеке же коомдук муктаждыктарды канааттандырууга умтулабы, жашоодогу тынымсыз иш-аракетти (жихад)[2]  билдирет.

Ушунун негизинде, мусулман Аллахты даңктоо, Куран окуу, намаз окуу, орозо кармоо, зекет берүү, ажылык кылуу, кошумча диний ырым-жырымдар-

ды жасоо, ошондой эле, Аллахтын буйруктарын өз алдынча жана эл алдында аткаруу менен бирге андан колдоо издейт.

*Аллах араңардан ыйман келтирип, жакшы иш кылгандарга, мурункулардай болуп, жер жүзүндө анын орун басарлары болууну убада кылды ... (24:55)*

*Айткыла: «Менин намазым, берилгендигим, өмүрүм жана өлүмүм – бүт ааламдардын Раббиси болгон Аллахка». (6:162)*

*Биз үчүн аракет кылгандарды биз туура жолдорубузга багыттайбыз. Кудай адилеттүү адамдарды колдойт. (29:69)*

*Намаз окугула, анткени, намаздар ыплас жана жийиркеничтүү нерселердин алдын алат. Аллахтын ысымын даңктоо – чоң жоопкерчилик. Аллах эмне кылып жатканыңарды билет. (29:45)*

Ошол эле учурда, элиталык мусулман илимпоздорунун артыкчылыктуу өзгөчөлүгү болгон изоляционисттик көз карашы саясий башкарууга, экономикалык адилеттүүлүккө, социалдык тилектештикке, коомдук милдеттерди жана жалпы мамлекеттик институттардын аткарылышына терс кесепеттерди алып келиши керек деп болжолдонгон. Курандын терминологиясынд аныкталган Кудайдын ысымына жана диний ырым-жырымдарга көңүл буруп, башка нерселерди эске албаганда, сыйынуу актысы[3] деп атап, негизи Курандын көз карашында: мусулмандын бүткүл жашоосу – ибадат, ошол эле учурда, билимге умтулуу.

Ошентип, изоляционисттик илимий көз караш пассивдүү болуп, иштерди, күч-аракеттерди жана жер жүзүндөгү иш-чаралардын формасын алган жихаддын түрү үчүн анчалык деле маанилүү эмес жана булар: адамдардын иш-аракеттерине, алардын кызыкчылыктарына жана турмуш-тиричилигине байланыштуу иштерди жөнгө салууга багытталган келишим түзүүнүн жөнөкөй жол-жоболоруна жана эрежелерине чейин кыскартат.

Илим жана акылмандык менен адамдар таасир эткен илимий обочолонуу кийинки күндөрдө адам билими менен тажрыйбасын, ошондой эле коомдук өзгөрүүлөрдү алыскы бурчка кетирүүгө алып келген бир өлчөмдүү көрүнүштү пайда кылды. Демек, билим тексттик жана лингвистикалык түшүнүү менен гана чектеле баштады. Акыр аягында, калыбына келтирүү жана чечмелөө мүмкүнчүлүктөрү жоюлуп, тууроо жана жаттап алуу үстөмдүк кылган факторго айланды. Интеллектуалдык катачылык үммөттүн эркин

2 Жихад: түзмө-түз – умтулуу. Чындык үчүн жана жамандыкка, мыйзамсыздыкка жана кысымчылыкка каршы күч-аракет жумшоо, материалдык ресурстар же курал-жарак менен Аллах жолунда болгон бардык күч-аракеттер. Куралдуу күрөш жөнүндө сөз болгондо, бул мусулман коомчулугун, ал тургай, мусулман эместерди жамандыктан, зулумдуктан жана зомбулуктан коргошу керек. [Ред.]

жеңүү үчүн тексттин ыйыктыгын сактап, ниетине карабастан, сабатсыздыктын иш-аракеттерине жана өз кызыкчылыгын көздөгөндөрдүн туткуну болду.

Үйрөнүү, илим жана адамзаттын билиминин дээрлик бардык тармактары кылымдар бою күбө болуп келген нерсе: башкаларды тууроо иш-аракеттери майнапсыз жана билим системасынын начарлашына алып келет. Үммөттүн жалпы билим деңгээли, жөнөкөй жана жетишсиз билим берүү, Курандын бөлүктөрүн, арифметиканын негизги принциптерин жана күнүмдүк жашоодогу жалпы муктаждыктары үчүн жетиштүү маалыматты сунуш кылган жөнөкөй башталгыч мектептер менен гана чектелишкен. Колдонулган билим берүү жана окутуу ыкмалары авторитаризмге жана жазага негизделген кемчиликтерге жол берген. Бул сунушталган билим берүү системасындагы колдонулган методдор жана практикалар жогорку класстын окуу системасына болгон салыштырмасы көптөгөн интеллигенция жана билимдүү адамдар тарабынан сынга алынып, шылдыңга кабылды.

Чындыгында, алардын билим деңгээли башка кедей кесиптештерине караганда кененирээк, диний жана адабий окууларды камтыган. Студенттерге жакшы мамиле жасалган жана эч кандай кыянаттыкка кабылышкан эмес. Ар тараптуу идеологиялык көз караштын бурмаланышы, билимдин бир жактуу болушу, таанып-билүүчүлүктүн жемишсиздиги, диний дискурстун артта калышы жана саясий элитанын кысымы менен исламдын маданий рухунун өсүшү басаңдап, үммөт жана анын институттары артка кетти. Адамдар пассивдүүлүктөн жана баш ийүүдөн жапа чегишип, адамдардын иш-аракеттери жетишсиз болуп калды. Бардык энергия алсырап, аны менен бирге мыкты чеберчиликке болгон психологиялык стимул дагы төмөндөдү. Боор ооруй билгендер жана иштөөгө даяр адамдар жан дили менен жана тырышчаактык менен иштөөнүн түйшүгүн кабыл алышып, ал эми корккондор жана каалабагандар, минималдуу иш-аракеттерге эле ыраазы болуп калышты. Иштин натыйжалуулугунун жетишсиздиги жана мотивациянын начардыгы реформаларды жүргүзүүдөгү бардык аракеттерге тоскоолдук болуп кала берүүдө. Ислам реформаларынын схемалары ийгиликке жетип, керектүү натыйжаларды алып келиши жана үммөттүн заманбап цивилизацияга, илим жана технологиянын дооруна активдүү катышуусу үчүн, үммөт алгач ушул кишенден арылуусу керек.

3 Араб тилиндеги сыйынуу, кулчулук, жана баш ийүү деген сөздөр бир тамырдан келип чыккан болсо, сыйынуу түшүнүгү кулчулуктан эмес, баш ийүүдөн келип чыккан жана мусулмандар өз эрки менен чыныгы жана туура нерсени кабыл алышат деген мааниде. Бул алар үчүн сыймык жана күч булагы. («Күч Аллахка, Анын элчисине жана ыймандууларга таандык» (63:8)

# Ислам маданиятын реформалоо долбоорунда жогорку билим берүүнүн орду

Биз аны кантип жандандырабыз жана ага берилген ролдорду кантип ойнотобуз: билимди жайылтуу, билим берүүнүн жаңы тармактарын түзүү жана үммөттүн учурдагы жана келечектеги талаптарына жооп берген кадрларды даярдоо. Алар жогорку билим берүүнүн эң маанилүү милдеттеринин бири болгондуктан, билим берүү үлгүлөрүн импорттоого жана тууроого, ошондой эле, билим берүү жана окутуу системаларына көз каранды болгон мектептердин материалдык жабдууларын, административдик жол-жоболорун жана академиялык түзүмдөрүн камсыз кылуу өтө зор аракеттерди талап кылат. Ар бир маданий өзгөчөлүктүн өзүнүн жашырылган потенциалын ачып берүүчү акычы болот. Ушул өзгөчө мүнөздөмөлөрдү этибарга албаган жана үммөттүн маданий өзгөчөлүгүнүн потенциалдуу энергиясына таасир этпеген бардык аракеттер, зарыл жардамга жана чеберчилике карата болгон акыл-эсти ойготпойт. Демек, үммөт үчүн жогорку билим жанданып реформаланбаса, жана андагы үстөмдүк кылган жетишсиздиктер жоюлмайынча, улуттар арасында өз ордубузду таба албайбыз жана прогресске жетише албайбыз.

# Мусулман өлкөлөрүндөгү жогорку билим берүүнүн кемчиликтери

Биринчи залал - бул кайталоо жана көчүрүү. Мусулман өлкөлөрүндөгү жогорку билим берүү системаларынын жана философиясынын көпчүлүгү Батыш мүнөзүндө калыптанган жана үммөттүн аң-сезими жана маданий максаттары үчүн жат болуп эсептелет. Тууроо жана көчүрүүнүн негизинде пайда болгон бул системалар, ислам цивилизациясынын мүнөзүн, ошондой эле анын өзгөчө мүнөздөмөлөрүн жана баалуулуктарын эсепке албайт. Бул баалуулуктар тавхид жана өкүлчүлүк принциптерине, жашоонун аныктоочу жана моралдык аспектилерине, анын негиздеринин биримдигине жана материалдык, руханий жана адеп-ахлактык, ошондой эле динге негизделбеген жана түбөлүктүү чен-өлчөмдөргө негизделген. Ислам цивилизациясында пайда, жетишүү, натыйжалуулук жана урбанизация өзүнөн - өзү эле пайда болбойт, тескерисинче жашоо үчүн куралдар жана андан да маанилүү бир нерсе - руханий каражат керектелет. Бул рухту Акыреттик өлбөстүккө, Акыйкат жана Мээримдүү Аллахты сүйүү, Ага моюн сунуу жана кайрымдуулукту тартуулоо. Экинчи залал - бул мусулмандардын маданиятына киргизилген

ырым-жырымдар маданияттын өнүгүшүнө тоскоолдук жаратып, акыл-эсине доо кетирип, билимин жана күндөлүк турмуштук тажрыйбасын бузуп, исламдын ар тараптуу көз-карашын жана окутуу методдорун бурмалап жатат.

Анын үстүнө, бул алардын Кудайдан көз каранды болушуна, жана бардык иш-аракеттеринде жана турмуштук иштеринде Кудайдын жазылган үлгүлөрүн сактаганга негизделген күчтөн алаксыткан. Ушул себептерден жана көйгөйлөрдөн улам, мусулман дүйнөсүндө жогорку билим диний же динден тышкары, гуманитардык, технологиялык илимдер жаатында өз ролун ийгиликтүү аткара алган жок. Ушундан улам, жогорку билим – илимди жайылтууга, окутуунун жаңы методдорун түзүүгө, чыгармачыл жана натыйжалуу кадрларды даярдоого жетише алган жок. Үммөт бөлүнүүдөн адашып, адамзат цивилизациялык прогресстин чегинде жана ырым-жырымдын караңгылыгында жашоону улантууда.

Жогорку билим берүүнү реформалоо жана жандандыруу үммөттү ойготуунун, анын цивилизациялык умтулууларынын жана дүйнөлүк миссиясынын ийгилигинин маанилүү элементтери болуп саналат.

Ошентип, жогорку билим берүүнү реформалоо түп тамырынан башталып, ага байланышкан бардык бурмалоолорду жок кылышы керек. Реформаны баштоодо керек болгон багыттардын бири – бекем өзөккө негизделген билим берүүнү исламдаштыруу.

Билим берүүнү исламдаштыруу, билимге болгон мамилебизди Кудайдын да, адамдык булактарды да күч-кубаттуу жана ачык билимге бириктирип, адамдын иш-аракеттерин жана универсалдуу мыйзамдарды, илимий жана технологиялык билимдерди курал катары толук камтыган жол менен реформалоону талап кылат. Ошентип, сабакты толук өздөштүрүүгө жана билүүгө болот. Бул басымдуулук кылган алсыздык жана чарчоо сезиминен арылтат, динамикалык ой жүгүртүүнү, окуу жана изилдөө жөндөмдүүлүктөрүн кызуу маселелерге жана окуяларга, акыл жана табигый мыйзамдардын принциптерин колдонууга жана ачык билимди өркүндөтүүгө жумшайт. Билим берүүнү исламдаштыруу – бул жалпыга бирдей көз караш, билимдин бирдиктүү булагы жана табигый мыйзамдарды сактоо, мусулмандардын аң-сезими жарыктандыруу, аларга илимдин жана билимдин кеңири чөйрөлөрүн ачып берүү менен, аларды бейкапар жана терс таасирлерден, ошондой эле, карама-каршылыктардан, иллюзиядан, ыпластыктан жана тоскоолдуктардан арылтуу.

Акылга жол ачып берүү менен билим берүүнү исламдаштыруу – аларга илим жана билим чөйрөсүнө күч, ишеним жана чеберчилик менен кирүү мүмкүнчүлүгүн берет. Ал реформанын, компетенттүүлүктүн жана чыгармачылыктын изделиши үчүн жабдуулар менен камсыз кылат. Ошентип, мусулмандар олуттуу этикалык жөндөмгө, кыйынчылыктарды көтөрүп көйгөй-

лөрдү чечүүгө, каалаган максаттарга жетүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат. Реформаланган исламдык көз караш жана акыл-эстүү мамиле - маданиятты жана билим берүү тартибин өркүндөтүүнүн өбөлгөсү. Бул, өз кезегинде, жан дүйнөсүнүн эмоционалдык түзүлүшүнүн өбөлгөсү, ага кыймыл-аракетине жетекчилик кылып жана иштөөгө шыктандыруу берет. Бул жетекчилик жана шыктандыруу күчүнө киргенде, колдо болгон куралдарды жана жабдууларды акылдуулук менен жана натыйжалуу пайдалануу зарыл болот, ал тапшырмаларды аткарууга жана керектүү материалдарды берүүгө, үммөттүн дөңгөлөктөрүн кайрадан кыймылга келтирүүгө жана анын этикалык жана чыгармачылык өндүрүү потенциалына стимул жаратат.

Ошондуктан, кылымдар бою сандалып жана адашып келген мусулман дүйнөсү реформалардын күн тартибин туура жолго коюуну каалаdüса, анда анын артыкчылыктары билим берүү реформасынын планында чагылдырылышы керек. Ал сандын алдында сапатына, контексттин алдында мазмунуна жана куралдардын алдында окуу программаларына ылайык келиши керек. Бирок, эч кандай конфликттер жана кемчиликтер чыкпагандай кылып, ушулардын ар бирине функциясы жана максатына жараша тийиштүү орун берилиши абзел.

Сапат жана сан, мазмун жана контексттеги тең салмактуулук - эмгек жөндөмү бар өлкөлөргө мүнөздүү. Маданият, билим жана билим алуу менен бул элдер өздүгүн жана цивилизациялык негиздерин билдиришет. Бул баланс алардын тубаса энергиясынан жана алардын структураларындагы иштөө стимулдарынан келип чыгат. Алар маданий жана билим берүү маселелерин жана адамдарды квалификациялуу даярдоону биринчи орунга коюп, өз жарандарын ушул мамлекеттердин максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн курал болуп, зарыл болгон бардык ресурстар менен камсыз кылышат. Ал эми артта калган элдер  туурап, көчүрө алышпайт. Алардын билим берүү системалары өзүнүн негизги принциптерин, өзгөчөлүктөрүн жана цивилизациялык өзгөчөлүктөрүн билдире алышпайт.  Билим берүү муктаждыктары жана талаптары көйгөйлөр тизмесинин аягында жайгаштырылган жана кризис пайда болгондо, алсыздык жана ийгиликсиздик күчөгөндө, алар биринчи кезекте жетишсиздиктин кесепеттерин тартышат. Бирок, энергияны жаңылоо жана өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу - көбүнчө маданияттын сапатына жана окуу программаларын өркүндөтүүгө байланыштуу экендиги жалпыга белгилүү.

# Билимди исламдаштыруу: жогорку билимди өнүктүрүүдөгү таасирдүү тажрыйба

Билимди исламдаштыруу – билимге, билим алууга жана билим берүүгө тиешелүү долбоор. Бул идея ислам цивилизациясынын улуулугун, рух жана маданий күчүн билген жана бүтүндөй адамзат цивилизациясын жаңы горизонтторго көтөрүүдө кандай роль ойной тургандыгын аңдай алган бир топ мусулмандардын аң-сезиминде жана акылында пайда болду.

Өз мүчөлөрүнүн илимий жана професионалдык тажрыйбасынын жогорку көрөгөчтүгү, акылмандыгы жана чеберчилиги менен мүнөздөлгөн бул топ - ислам дүйнөсүндө адамзаттын тарыхындагы көрүнүктүү орунду ээлөөдө, исламдык баалуулуктардын канчалык натыйжалуу экендигин жана бул кийинчерээк өз маданиятын өркүндөтүп, өз максаттарына жеткен башка элдер үчүн кандайча кызмат кыла турганын билишкен.

Билимди исламдаштырууну жактаган жана ага бекем ишенген бул топ - «ислам тарыхы жана маданияты» сабактарын заманбап маданият жана илим менен айкалыштырууну, башкача айтканда, ачык билимдин, гуманитардык жана технологиялык илимдин дисциплиналарын айкалыштырган билимдин таң калыштуу интеллектуалдык интеграциясын караштырган.

Топ жактап келген билим интеграциясы анын айрым мүчөлөрүнүн алгачкы эмгектеринде, «Исламдын экономикалык теориясы: Философия жана азыркы каражаттар» (1960) сыяктуу чыгарылышта чагылдырылган жана топтун исламдын ири маданий коомун түзүүдөгү аракеттеринин натыйжасында АКШдагы мусулман студенттер ассоциациясы 1963-жылы түзүлгөн. Бул өзгөчө ассоциация өнүккөн жана маанилүү ислам институттарынын өзөгүнө айланып, «Билимди исламдаштыруу» кыймылы тарабынан каржыланып келет. Эң негизгиси (интеллектуалдык көз караштан алганда) АКШ жана Канададагы Социалдык мусулман илимпоздорунун ассоциациясы 1972-жылы, Ислам ойлорунун Эл аралык институту (IIIT) 1981-жылы жана Балдарды өнүктүрүү фонду 1999-жылы түзүлдү.

Билимди исламдаштыруунун негизи болуп үммөттүн каатчылыгы жана анын кемчиликтери ислам ойлорун беймаза кылган, исламий илим биримдигин бузуп, аны билимдин токтоп калган тексттик органына айландырган бурмалоолор менен байланыштырылат. Бул бурмалоолор, өз кезегинде, Ислам билиминин түзүлүшүндө жана иш-аракетинде адамдын билиминин ролун четтеткен. Алар исламий фикхтин (Араб. *фикх* - түшүнүү, билим - мусулман жүрүм-турум эрежелери жөнүндөгү окуусу, википедиядан) принциптеринин жана түшүнүктөрүнүн экинчи пайда болушуна өбөлгө түзгөн дисциплина-

лардын уруктарын жок кылышты. Натыйжада, үммөт институттарынын, биримдиктин жана башкаруучу режимдердин кулашы болду. Андан тышкары, диний дискурс коркутуп-үркүтүүчү мүнөзгө ээ болуп, акыл-эсинин алсыздыгы жана саясий деспотизм кеңири жайылгандыгы менен үммөттү пассивдүү ролду ойнотуп, аны өзүнүн чыгармачылык жана маданий энергиясын жоготууга, басынтууга жана артта калууга мажбур кылды. Биз билгенден, корккон жана көңүлү келбеген адам минималдуу талаптардан ашыкча күч-аракет жумшагысы келбейт, ал эми кең пейилдик, жан дили менен берилгендик жана чыгармачылык – бул жароокер жана ак пейилдүү адамдын мүнөздөмөсү.

Билимди исламдаштыруу - бул исламий ой-пикирлерди жана гумандуулук, ааламдык жана цивилизациялык исламдын принциптерин, тавхид жана өкүлчүлүккө негизделген исламдын башталгыч максаты катары реформалоо планы. План позитивдүү, ар тараптуу исламдык көз карашты, кудайдын жана адамдын билиминин ажырагыс интеграциясына негизделген билим берүү мамилесин реформалоо максатында кайталоого багытталган.

План ислам мыйзамынын максаттарын, атап айтканда, элдештирүү жана жыргалчылыкты жүзөгө ашыруу максатында жер бетиндеги адамдардын жашоосунун реалдуулугуна, акылдын принциптерин жана ааламдын Кудайдын мыйзамдарын сактоого багытталган. Ошентип, ислам маданиятын тазалоо жана өркүндөтүү, бурмалоолорду жоюу, ага кирген ырым-жырымдарды, элестерди, ыпластыктарды жана иллюзияларды жок кылуу максатында керектүү куралдарды камсыз кылат. Акыр-аягында, ал мусулман инсандардын жана үммөттүн психикалык жана психологиялык конституциясын реформалоого жакшы билим жана маданий салым кошуп, күчтүү, жөндөмдүү жана өндүрүмдүүлүккө ээ муундарды тарбиялайт.

Ислам ойлору Эл аралык институту өзүнүн негизги милдетине интеллигенцияны жана билим берүүчүлөрдү адистигине жана багытына карабастан, кризистин мүнөзүнө жана билим берүү тармагын реформалоонун аспектилерине байланыштуу эскертүү берет. Бул аларга маданий реформалардагы жана өнүгүүдөгү жоопкерчиликти көтөрүүгө, билим берүүчү окуу программаларын өркүндөтүүгө жана тастыктоого, Үммөттүн потенциалдуу энергиясын стимулдаштырууга, анын прогрессин өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет.

Ислам ойлору Эл аралык институту дүйнө жүзүндөгү мусулман интеллектуалдык элиталары менен биргелешип аракеттенип, мусулман ойчулдарына жана окумуштууларына диалог жана маанилүү схоластикалык салым аянтчаларын түзүп берген. Институттун аракеттери - борборлорду жана мекемелерди түзүүгө, конференцияларды жана симпозиумдарды уюштурууга, ошондой эле, мусулман дүйнөсүндө жана башка жерлерде сүйлөгөн араб, англис жана башка тилдерде китептер жана мезгилдүү басылмаларды ба-

сып чыгарууга алып келди. Ошондой эле ал, интеллектуалдык жана билим берүү тармагын реформалоо маселелери боюнча биргелешкен иш-чараларды каржылаган.

Мунун баары үммөттүн ой жүгүртүүсүн жана анын цивилизациялык негиздерин реконструкциялоодо - изилдөө жана колдонуу үчүн академиялык жана илимий талкууга сунуш кылынган чоң мааниге ээ үмүт, убада жана олуттуу маселени билдирет. Бул үммөттүн ойгонушу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүнүн, анын потенциалдуу энергиясын жандандырууга жана адамзат үчүн кызмат кылган цивилизациялык ишкананы жүзөгө ашыруунун эң маанилүү негиздеринин бири.

## Малайзия Эл аралык ислам университетинин билим берүүнү исламдаштыруу боюнча тажрыйбасы

1956-жылы Малайзия көз карандысыз өлкө болуп, жаңы мамлекет болуунун жолун сезе баштады. Малайзиянын жетекчилиги мусулман калкынын энергетикалык потенциалын стимулдаштырууда ойной турган ролун тааныган жана 1977-жылы Мекке шаарында өткөн исламий билим берүү боюнча биринчи конференциянын таасири менен 1984-жылы Малайзиянын Куала-Лумпур шаарында Эл аралык ислам университети (МЭИУ) негизделип, кийинчерээк Ислам конференциялык уюму (ИКУ) менен эл аралык келишим түзүлгөн. Андан бери билим деңгээли улам сайын жогорулап келе жаткан Малайзия Эл аралык ислам университети Ислам конференциялык уюмунун планы боюнча, Эл аралык ислам университеттеринин системаларын бир бөлүгү катары эсептелип, жалпы билим берүү программасынын бир бөлүгү катары ислам маданиятынын өнүгүшүнө басым жасашы керектиги айтылган.

Малайзиянын башкы жетекчилери, 1984-жылы Куала-Лумпурда «Билимди исламдаштыруу жана таанып-билүү системасын реформалоо» боюнча эл аралык конференциялардын бирин өткөргөн Малайзия эл аралык ислам университети тарабынан киргизилген конструктивдүү, цивилизациялык жана реформалоочу ой-пикирлердин мүнөзүн тааныды. Ал кезде Малайзиянын билим берүү министри Анвар Ибрахим Эр-Рияддагы Бүткүл дүйнөлүк мусулман жаштар ассамблеясынын Башкы катчылыгынын мүчөсү болгондуктан, институт менен тыгыз байланышта болгон. Ошондуктан, ал 1988-жылы студенттердин саны 1000 адамдан турган жаңы университеттин ишин колдоого Ислам ойлору Эл аралык институтту чакырган. Министрлик Институттан анын мүчөлөрүнүн бирөөсүн исламга кызмат кылган жана Малайзиядагы реформаларга жана өнүгүү аракеттерине колдоо көрсөтө

турган университеттин окуу планына билимди исламдаштыруу түшүнүктөрүн киргизүүнү сунуш кылды.

Институттун уюштуруучулук жана билим берүүдөгү зор тажрыйбасы бар ойчулдарынын бири институтту 1998–1999-жылдар аралыгында жетектеп, ушул эле мезгилде анын имараты жана академиялык курулушу аяктаган. Институттун колледжеринин окуу программаларында архитектура, технология жана медицинадан тышкары ислам таануу жана гуманитардык илимдердин бардык сабактары камтылган. Университеттин эки кампусу, ошондой эле, араб жана англис тилдеринде даярдоо курстарына кошумча кампус бар.

Ошондой эле, ал билим берүү системасы, айрым аспектилери боюнча университеттин муктаждыктарына жана талаптарына жооп бербеген студенттер үчүн кошумча курстарды сунуш кылды, мисалы мурдагы Советтер Союзунан келген студенттер жана орто мектептердин 11 жылдык мектепке чейин окуган окуучулары.

## Дене жана жан дүйнө

Эки кампустун, Куала-Лумпурдагы башкы Медицина мектеби жана Илим факультетинен турган Куантандын медициналык кампусу – кылдаттык менен иштелип чыккан жана исламдаштыруунун идеялык жана физикалык түшүнүктөрүн чагылдырган. Бул түшүнүктөр жана каражаттар, өнөктөш курулуштарды жана кызматтарды эске албаганда, 2006-жылы Куала-Лумпур шаарында курулуп бүткөн. Учурда университетте он беш миңге жакын студент билим алууда жана анын жетишкендиктери окуу программалары инновация жана чыгармачылык менен гана чектелбейт. Бул ислам архитектурасынын түзүлүшүн, кооздугун жана эң мыкты исламдык баалуулуктарды аткаруунун натыйжалуулугу менен чагылдырылган дүйнөдөгү эң кооз кампустардын бири.

Мечит кампустун ортосунда жайгашкан жана анын рухий борбору экендигин билдирет, анын дубалынын айланасында студенттер жана кызматкерлер агымы тынымсыз кыймылдап турат. Бул маданий жана руханий иш-чаралар үчүн маанилүү арена. Кампус жана андагы курулган имараттар бири-бири менен маданий жана социалдык жакындык демине камсыз кылат жана анын ушул максатта атайын иштелип чыкканы байкалат. Андан тышкары, студенттик жатаканалардын, эс алуу жана спорттук жайлардын жайгашкан жерлери исламдык критерийлерди кылдаттык менен сактайт. Натыйжада, эки жыныстын ар биринин купуялуулугун жана эркиндигин камсыз кылат.

Эркектер менен аялдардын ортосундагы мамилелерде, исламий адеп-ахлак нормаларын сактоо жана алардын бардык психологиялык, социалдык, маданий, эс алуу жана спорттук муктаждыктарына эң мыкты шарт түзүп берүү максаты турат.

## Ислам жана гуманитардык илимдерди изилдөө

МЭИУ системасынын өзөгү ар дайым анын академиялык жана окуу пландары болуп келген. Программа интеллектуалдык жана методологиялык бурмалоолорду жоюуга, маданий өркүндөтүү механизмин түзүүгө жана үммөттүн жаңы муундарын психологиялык жана билим берүү жагынан калыбына келтирүүгө багытталган билимди исламдаштыруунун максаттарын камтыйт.

МЭИУнун администрациясынын күн тартибиндеги эң маанилүү маселе билимди жана методологияны бурмалоого каршы туруу жана ой жүгүртүүнүн, билимдин жана мамиленин кылдаттыгы менен мүнөздөлгөн альтернативдүү, билимдүү жумушчу топторду тартуу болду. Бул альтернативдүү академиялык мамиленин эң маанилүү багыты – ислам жана гуманитардык илимдерди изилдөө.

Буга жетишүү үчүн исламдагы жаңы ачылган билимдер жана гуманитардык илимдер факультеттери түзүлгөн. Ири колледжде: ислам таануу, социалдык жана гуманитардык илимдер боюнча бардык адистиктер камтылган. Кесиптик себептерден улам, экономикалык, административдик жана укуктук сабактар алынып салынды, бирок алардын окутуу программалары бирдей максаттарга жана милдеттерге ээ болду.

Бул колледждин академиялык системасынын негизи – ислам билиминин биримдигин, ой жүгүртүү ыкмаларын реформалоону жана жетекчилер менен адистердин альтернативдүү билимдүү топторун даярдоону көздөө – кош адистиктин жана кредиттик саат системасынын өнүгүүсүнө алып келди. Ушул эки кош адистик системанын шартында, ислам таануу адистигине ээ болгон ар бир студент гуманитардык илимдердин биринде тиешелүү адистикти тандашы керек болчу. Ушул сыяктуу эле, гуманитардык илимдердин ар бир студенти исламды жергиликтүү адистик катары окушу керек эле. Кошумча бир жыл окуу аралыгында  студенттер, тиешелүү адистик боюнча экинчи бакалавр даражасына коюлган талаптарды аткара алышмак. Университет бул тандоону кубаттайт. Бул студенттерге эки университеттик даражага ээ болууга шарт түзөт: бири ислам таануу боюнча, экинчиси коомдук илимдер жаатында алгач тааныган адистиги. Бул билимдин жана адистештирүүнүн эки

жактуулугу, студенттерге билимдин кеңири чөйрөсүн гана эмес, багыттарды жана куралдарды толуктап турган, ошондой эле рухий, этикалык жана коомдук турмуштун ченемдерин мыкты түшүнүүнү камсыз кылган система.

Ошондой эле ал, аларды (исламды изилдөөдөгү аналогия ыкмасы) жана жалпы (коомдук илимдердин методдору) методдорду ушул методдордун ар түрдүү окуу куралдары менен толуктоону үйрөтөт. Бул студенттердин ой жүгүртүүсүн интеллектуалдык жактан өстүрүүдө жана келечектеги иштөө жөндөмдөрүндө маанилүү болгон методологиялык элемент.

Окутуунун бул системасы студенттердин интеллектуалдык жөндөмдөрүн кеңейтүүгө, анын ичинде жеке жана руханий аспектилерден (диний жана этикалык изилдөөлөрдөн) тышкары жалпы, социалдык аспектилерди (коомдук илимдерди) кеңейтүүгө кызмат кылат. Ушундай мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү менен студенттер үмметтүн руху жана психологиялык, таанып-билүү руху менен иштөө үчүн интеллектуалдык куралдарга ээ болушат. Мындан тышкары, кош система студенттерди жумушка орноштурууга кеңири мүмкүнчүлүк берет. Демек, бул жаштардын өнөрдүүлүгү колдонулуп, алардын кадыр-баркы, айрыкча, мусулмандар жашаган өлкөлөрдө, же жумуш мүмкүнчүлүктөрү чектелген кедей мусулман өлкөлөрүндө, айрыкча, диний кызматтарда корголот.

Коомдук илимдер даражасы менен англис тилин (техникалык курстарды окутуу тили) жана араб тилин (диний предметтерде окутуу тили) өздөштүргөн бүтүрүүчүлөр каалаган чөйрөдө иштей алышат. Алар мамлекеттик кызматта, мугалимдик кесипте же жеке ишкердикте иштөөгө квалификацияланган. Адатта, кээ бир ислам университеттеринин бүтүрүүчүлөрү, алардын жөндөмүнө жана билимине ылайык келбеген кесипти окушат. Ислам жана коомдук илимдер боюнча квалификацияланган бүтүрүүчүлөр, кандайдыр бир стандарт боюнча, башкаларга салыштырмалуу кыйла терең билимге, кеңири ой жүгүртүүгө, түшүнүүгө, иштөөгө жана натыйжалуулукка ээ.

Мисалы, ислам укугунун кайсы сабактары болбосун магистрдик же доктордук даражада окууну каалаган студенттер, ушул сабактардын талаптарын аткаргандан кийин, бул мүмкүнчүлүккө ээ болот. Аларга араб тилин өздөштүрүү жана ислам таануу боюнча керектүү сандагы негизги курстарды өтүү кирет. Башка жагынан алып караганда, эгерде талапкерлер ислам таануу бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү болсо, анда алар коомдук илимдер боюнча сабактарды, англис тилин, араб тилин дагы өздөштүргөн негизги талаптарга жооп бериши керек.

Ислам ойлору Эл аралык институту бул идеяны мусулман дүйнөсүнүн кээ бир университеттерине сунуш кылганына карабастан, кийинчерээк алар бул системадан баш тартып, аспирантурадагы ислам таануу ишинде бирдиктүү

системага кайтышты. Себеби, бул университеттер жакшы социалдык изилдөө программасын же жергиликтүү тилде сүйлөбөгөндөр үчүн натыйжалуу араб тили курсун иштеп чыгара алышкан эмес. Бирок, окутуу мезгилин кыскартып, алар сапатка салыштырмалуу санга көбүрөөк маани беришкен.

МЭИУдеги система бир нече себептерден улам ийгиликтүү болду. Эң негизгиси, ислам жана коомдук илимдер боюнча адистешкен университеттердин бүтүрүүчүлөрүнүн саны жана алардын аспирантурага тапшырууну көздөгөндөрү менен ийгиликке жетти десек туура болот.

Мындан тышкары, МЭИУ бул жааттагы эң мыкты деп эсептелген бир катар курстарды, башка тилдерде сүйлөгөндөр үчүн араб тилин үйрөнүү программасын иштеп чыкты. Мындан тышкары, башка ЖОЖдордун бүтүрүүчүлөрү МЭИУнун аспирантурасына кабыл алууга абдан кызыктар. Араб жана англис тилдерин өздөштүрүү бул кабыл алуу үчүн өбөлгө болуп саналат, бул эки тилдин бирөөсүн эле билип же экөөнү тең билбегендер өз өлкөлөрүндө университеттин даярдоо программасына өзүлөрүнүн эсебинен даярдануу же кошулуу үчүн көп күч жумшашат. Ошентип, МЭИУде аспирантурага талапкерлердин жетишсиздиги тууралуу маселе жок. Чындыгында, суроо-талап аны канааттандырганга караганда жогору. Бул сунуштап жаткан иликтөөлөрдүн жана изилдөө ыкмаларынын билимин жана ыкмаларын интеграциялоо менен ошол интеллектуалдык аренаны исламдын көз карашынан, ислам принциптерине, баалуулуктарына жана максаттарына негизделген табигый жана гуманитардык илимдердин ар кандай тармактарын камтыган тажрыйбасы жана билими бар адамдар менен толуктоого мүмкүндүк берет.

Исламдык көз караш менен окутулган ар бир сабак боюнча курстук тапшырмаларды иштеп чыгуу үзгүлтүксүз көзөмөлгө алынып турат. Бул курстар бир эле деңгээлдеги студенттердин диний эмес университеттерде окуган бүт окуу планын камтыйт. Бул жерде исламдык сын көз караш менен кошо, ушул жаатта иш алып барган исламдык көз караштардын себептери камтылган. Мындай мамиле менен исламдык көз караш күтүлбөгөн жерден добушка ээ болуп, өз алдынча көтөрүлүп, билим берүү дисциплиналарын байыткан бир топ академиялык салымын кошот. Убакыт өткөн сайын бул байытуу анын негиздүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн далилдейт деп болжолдонууда. Ал ар кандай тармактарда өсүп, чыныгы салым кошуу менен бирге үмметтүн таанып-билүүчүлүк кызыкчылыктарына кызмат кылат. Бүтүрүүчүлөрдүн сапаты, алардын иштөө деңгээлине же жетишкендигине карабастан, интеллектуалдык жана илимий чөйрөлөрдө исламдык көз караштарды сунуш кылат.

Үмметтүн көйгөйлөрүнө, муктаждыктарына жана келечегине

байланыштуу бир нече академиялык курстар жана окуу багыттары иштелип чыккан. Булар дин, философия, укук, гуманитардык илимдер, экономика жана башкаруу боюнча курстар. Алар университеттин студенттерине жана аспиранттарына ар кандай колледждер менен факультеттердин окуу планынын алкагында маалымат катына киргизилген.

Бул контекстте, айрыкча, адистешүүнүн бир бөлүгү катары башталып, бара-бара негизги темага айланган Батыш таануу илимин айта алабыз. Бул азыркы учурда Батыш тарыхын, ой жүгүртүүсүн жана маданиятын концептуалдык жактан так жана терең изилдөөнү сунуш кылган бөлүм. Бул бөлүмдүн бүтүрүүчүлөрү - мусулман менталитетине Батыштын өзүн таанууга, ошондой эле, анын маданий жана адамдык салымдарын жана бузууларын түшүнүүгө жардам берген адистер. Бул Батыш менен болгон диалогдо жана өз ара иш-чараларда пайдалуу болушу мүмкүн. Бул исламдык реформалардын умтулууларын ишке ашырууга жана Батыш менен мамилелерди өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Булар мусулман дүйнөсүнүн артта калуучулук, алсыздык жана бөлүнүүчүлүккө үндөгөн нааразычылыкты, кекенүүнү жана баскынчылык аракеттерин жеңүү максатында болгон жигердүү жана конструктивдүү кызматташууга негизделиши керек. Ошентип, үммөттүн заманбап цивилизациясынын жана коомдун жетишкендиктери менен өз ара аракеттенүүсү, объективдүү түшүнүккө жана методологиялык өзөккө негизделиши мүмкүн.

Мусулман аң-сезими бул цивилизацияга, өзүнүн мүнөздөмөлөрүнө, негиздерине жана өз максаттарына ээ болгон бир система катары туруштук бериши мүмкүн, аны менен өз ара аракеттенүүсү, адамзаттын жана коомдун жыргалчылыгы үчүн позитивдүү, бирдиктүү жана жемиштүү кызматташууга багытталгандыгын түшүндүрөт. Физика, технология жана ушул сыяктуу тармактарда илимди исламдаштыруу – илим сыяктуу фактыларга эмес, алардын адамзатка кандайча колдонулушуна байланыштуу. Бирок айырмачылыктар жана өзгөрүүлөр ушул фактылар менен мыйзамдарды талкуулоодо, колдонууда жана андан пайда көрүүдө колдонулат. Бул прогрессти жаратуу же кыйроого алып келүү, пайда издөө же зыян келтирүү үчүн аларды пайдаланууда сакталган этикалык нормаларды камтыйт. Булардын бардыгы ислам дининин маданияты, илим философиясы, изилдөө жана кесиптик практика этикасы менен байланыштуу. Буга байланыштуу ар кандай ой, көз-караш, максат жана маданият мектептери бар. Исламдык көз караш өркүндөтүүгө жана туура багыт берүүгө, жакшылыкты жамандыктан айырмалоого, зыяндан пайда табууга жана гуманитардык көйгөйлөрдү варвардык аракеттерден сактоого, ошондой эле жашоонун руханий жана асылдуулугун калыбына келтирүүгө багытталган.

Табигый илимдер жана аларды изилдөө менен байланышкан дагы бир аспект бул үммөттүн тарыхын жана салымын билүү. Бул тарыхый адилеттүүлүктү орнотуу жана аны Батыштын көз карашынан бошотуу, ошондой эле илимий билимге ээ мусулмандардын өзүнө болгон ишенимин жогорулатуу үчүн жасалат. Бул процессти кайрадан жандандырууга стимул болуп, илгерки прогресске кандай тоскоолдуктар болгонун, мусулман кандайча адашып кеткендигин жана өзүнүн олуттуу жана объективдүүлүгүнөн эмес ырым-жырым жана артта калган дүйнөгө четтеп кеткендиги жөнүндө сабак болот.

Билимди исламдаштыруунун механизимин түзүүдө маанилүү нерсе – программаны иштеп чыгуу концепциясы болуп саналат. Бул цивилизациялык максаттарга жетишүү үчүн үзгүлтүксүз жана тынымсыз аракетти билдирет. Бул туруктуу өнүгүү процесси жана мезгилдин актуалдуулугу, ой жүгүртүүнү жана маданиятты байытып, өнүгүп келе жаткан коомдун муктаждыктарына жана жашоо шарттарына жооп берет. Бул процесс айкын этикалык принциптерден башталат. Жакшы жана айкын максаттарга жана жетишкендиктерге алып келет.

Билимди исламдаштыруу принциптерине негизделген окуу курстарынын мазмуну жана сапаты эч качан токтобойт. Ал тажрыйба үммөттүн жана коомдун муктаждыктары менен өз ара аракеттенүүсүн эске алып, үзгүлтүксүз кайра карап чыгуу менен күч алууда. Студенттердин таанып-билүү билим-куржунунун ар дайым жаңылануусуна жана алардын дүйнө таанымынын кеңейишине жардам берүү менен университет аларды потенциалдуу билим берүү жана психологиялык жөндөмдүүлүктөр менен камсыздап, көптөгөн корпорацияларды жана мамлекеттик органдарды МЭИУнун бүтүрүүчүлөрүн жумушка орноштурууга үндөйт. Бул бүтүрүүчүлөр компетенттүүлүк, жогорку адеп-ахлактык стандарттар, билим, жөндөм жана потенциал менен мүнөздөлөт. Көптөгөн расмий адамдар жана башка мусулман өлкөлөрүнүн коноктору МЭИУден студенттерге билим берүүгө жана билим деңгээли боюнча да, кесиптик жактан да жогорку сапаттагы жана жогорку компетенттүүлүккө ээ болуу максатында студенттерди окутууга жардам беришин суранышат.

# Тилдер жана арабдашуу

Натыйжалуу иш үчүн тил маанилүү ролду ойнойт. Окуу программалары мазмундуу болсо да, тилдер өндүрүмдүүлүктү жогорулатуунун куралы болуп саналат. Ошентип, өндүрүмдүүлүктүн куралдары канчалык натыйжалуу болсо, ийгиликке жетүү ыктымалдыгы ошончолук жогору болот.

МЭИУ бүтүрүүчүлөрдүн мыкты жана натыйжалуу иштешине кепилдик берүү үчүн, окууну, өндүрүмдүүлүктү жана алардын ортосундагы иш чөйрөсүн байланыштыруу максатында тил маселесине көп көңүл бурду. Ошондуктан, студенттер эне тилдеринен тышкары эки эл аралык тилде окушат: араб жана англис тили. Бул, мусулман дүйнөсүндө өкүм сүргөн шартта, исламдык, билим берүүчү же технологиялык тармактардагы материалдык ресурстарга жетүүгө мүмкүндүк берет.

Араб жана англис тилдерин окутууда МЭИУ окуу куралдары менен камсыздап, эң заманбап эл аралык ыкмаларды колдонуу менен ислам мазмунун жана көрсөтмөлөрүн сунуштайт. Араб тили исламдык диний окуунун тили жана мусулмандардын натыйжалуу байланышын камсыз кылат. Англис тили - XXI кылымдын башындагы араб жана мусулман дүйнөсүнүн башка тилдериндеги илимий-техникалык ресурстар тартыш жана жетишсиз болгон учурдагы илимий-техникалык курстарда окутуу тили катары кызмат кылат.

Ошентип, студенттер ушул тапта көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндө интеллектуалдык, маданий, илимий жана саясий элита менен байланышууга жана өз ара аракеттенүүгө мүмкүнчүлүк алышат. МЭИУ бүтүрүүчүлөрү араб жана англис тилдеринде сүйлөшөт жана өз өлкөлөрүндө жигердүү роль ойной алышат. Айкалышкан интеллектуалдык, билим берүү жана натыйжалуу жөндөмдөргө ээ болуу менен алар коомдо жана ишмердүүлүк чөйрөлөрүндө ой жүгүртүүнү жана изилдөө чөйрөлөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшөт.

Регионалдык, ошондой эле, эл аралык билим берүүчү жана илимий ислам институттары радикалдуу чечим табуу үчүн тилдер жаатындагы үммөттүн маселесин чечет деп үмүттөнөбүз. Бул кыйынчылык үммөттүн маданий бузулушуна жана саясий жактан бөлүнүшүнө себеп болду. Эгерде илимий жана билим берүү иш-чаралары улуттун эне тилинде жүргүзүлбөсө, анда анын маданияты жана билими сөзсүз жабыркайт. Билим берүү ресурстары – чет элдик жана эл аралык тилдерде сүйлөгөн азчылыктын жетишсиз курамы менен чектелет. Учурда алардын эң негизгиси - студенттер үчүн экинчи тил болгон англис тили. Демек, алардын чыгармачыл болушуна жол бербейт, анткени чыгармачылык эне тилинде гана пайда болот.

Үммөт илимий терминдерге бай, айрыкча физика жана технология

жаатында кеңири жайылган эл аралык тилди колдонууда гана билим берүү жана маданият жаатында олуттуу орунду ээлей алат. Бул талапты бардык мусулман элдери үчүн эффективдүү байланыш катары кызмат кылган Курандын тилин колдонуу менен гана канааттандырууга болот. Керек болсо сабатсыз мусулман да Курандын араб тилин жетиштүү деңгээлде билет. Эгерде бул билим системалуу түрдө иштелип чыкса, анда бул адамдар баалуу эл аралык эне тилине ээ болушат, бул аларга илимий жана технологиялык материалдарды алууга мүмкүнчүлүк берет жана алардын маданиятын жана аң-сезимин минималдык чыгым менен байытат.

Эгерде алар үчүн жеткиликтүү болсо жана алар башка тилди билүүнүн зарылдыгын сезишсе,анда мусулман элдери Куранды сүйгөндүктөн араб тилин жергиликтүү тилдерине жана сүйлөө диалектилерине кошумча диний, билим берүүчү жана илимий эне тили катары кабыл алуудан баш тартпайт.

Арабдар жана мусулмандар эмне кылышы керек, алардын арабдашуу тажрыйбасы жана өнүккөн өлкөлөрдүн тажрыйбасы жөнүндө ой жүгүртүп, ар бир жаңы илимий кошумчаларды, айрыкча физика жана технология жаатындагы илимдерди тырышчаактык менен жана тез которуп берүүсү зарыл. Жапония, Россия, Кытай, Германия, АКШ жана башка өлкөлөрдө ушундай тажрыйба бар.

Араб тилине которуунун эң маанилүү приоритеттүү багыттарынын бири – илимий жана техникалык мезгилдүү басылмалар, алар аркылуу жаңы материалдар алгач бардык тармактарда пайда болот. Которулган нуска билим берүү жана илимий мекемелерде жана коомдук китепканаларда оңой жеткиликтүү болушу керек, анткени илимий артыкчылыктарга жетишкен өлкөлөрдө технология тез өнүгүп жатат.

Котормо, жарыялоо жана илимий журналдарда жана башка сабактарда жарыяланган жаңы басылмаларды натыйжалуу жайылтуу үчүн институттарды түзүү чыгымы көптөгөн мусулман борборлорундагы ири университеттердин баасынан аз болот. Илимий билим араб тилинде жеткиликтүү болгондо, аны изилдөөгө жана андагы диний, маданий, илимий жана технологиялык материалдарды окууга талап көбүрөөк болот. Котормо бизнеске айланат жана тапшырмалар рекорддук мөөнөттө аткарылат. Мектептин жана университеттин билим берүү тили катары араб тилин колдонуу жөнөкөй жана натыйжалуу болот, жана аны колдонууга каршы болгон бардык каршы пикирлерди четке кагат. Адатта, бул аргументтер укмуштуудай формада сүйлөө жөндөмүнө ээ болгон тилге каршы эмес, эл аралык тилдерде жана азыркы учурдагы активдүү элдердин тилдериндей эле, жаңы илимий материалдар менен бекемделбегендигине каршы.

Илимий котормолордун агымы менен терминология көйгөйү өзүнөн-

өзү жок болот. Стандарттык терминология жарыялоо жана колдонуу менен алга жылат. Мындай ийгиликке бардык академиялардын катышуусу менен тил академиясын түзүү, котормо, арабдашуу жана стандарттуу терминологияны бекемдөө үчүн биргелешкен күч-аракеттерди жумшап, деструктивдүү мотивдери бар, чет элдик жана колониялык кызыкчылыктарды чагылдырган же жергиликтүү биас көз караштарынан жана изоляционисттик тенденциялардан бошонуу аркылуу ишке ашырса болот.

## Тилди жөнөкөйлөштүрүү: грамматика жана орфография

Араб академиялары араб тилинин орфографиясын жана грамматикасын жөнөкөйлөтүүгө көп күч-аракеттерди жумшап, Куранды туура жана так түшүнүүнү араб-мусулман мурасын түшүнүүнү жана сактоону эске алуу менен иштөө критерийине айландыруу мезгили келди. Бул билимдин көлөмү кыйла кеңейип, билим алуу артыкчылыктуу топторго жана адистерге гана эмес, бардык адамдардын укугуна ээ болгон мезгилде тилди туура изилдөө жана пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат. Электрондук шаймандардын тил менен иштөөсү, анын сырларын ачуу жана кыйынчылыктарды жеңүү мүмкүнчүлүгүнүн жогорулагандыгына байланыштуу, буга чейин тилдин ушул убакка чейинки бардык маселелери жана көйгөйлөрү боюнча аналитикалык түшүнүк алууга болот. Демек, тилчилердин аракеттери тилдин көптөгөн кыйынчылыктарын, айрыкча орфографияга байланыштуу, пайдалуу эмес жана анчалык деле маанилүү эч нерсе кошпогон маселелерди чечет деген үмүт бар.

Орфографиялык кыйынчылыктардын бир мисалы, бул билим берүүдө бардык жаштар үчүн керексиз болуп көрүнгөн кекиртектин токтоосу (хамза - араб алфавитинин диакритикалык белгиси, википедиядан) жазуунун ар кандай жана татаал ыкмалары, анын түрүнө, абалына жана анын алдындагы үндүүлөрүнө жараша болот. Эч бир үндүүнүн ушунчалык татаал орфографиялык эрежелери жок, канчалык татаал болбосун, атүгүл, анын түрүн таба алышса да жазуу түрүндө көптөгөн адамдар ката кетиришет. Адамдарга жазууда туура жазууга жардам берүүнүн ордуна, эрежелер адамдардын аларды билбестигин далилдөөдөн башка максаты жоктой сезилет.

Ушундай жагдай үч тамгадан турган сөздөрдүн аягындагы жумшак алиф болуп саналат, ал сөздүн тамырынан келип чыккан эки тамга ыкмасына ээ, ал жерде тамга адегенде “уау” же “я” болот жана бул алифтин кантип жазылгандыгын аныктайт[4].

Кимдир бирөө алифтин келип чыгышын билбесе, ал жазууда ката кетириши мүмкүн, же эң туура дегенде, аны туура туурап жана тууураган жазуунун себебин билбей калышы мүмкүн. Кандай болбосун, бул көп пайда алып келбеген эрежелердин мисалы жана аларды тил үйрөнүүчүлөргө жүктөөнүн кажети жок. Алар орфографияны татаалдаштырып, студенттердин эс-тутумун начарлатат.

Булар жөн гана мисалдар, жөнөкөйлөштүрүлүшү же стандартташтырылышы керек болгон көптөгөн мисалдар бар, мисалы, алиф менен аяктаган өткөн чактагы этиш, учур чак этиштердин ар кандай учурлары жана үндүү тамгалар менен аяктаган императивдик маанайдагы этиштер. Айрым учурларда, тынч алиф этиш аяктап калган уаудан кийин кошулат, ал эми уау менен аяктаган көптүк атоочтордун аягында андай алиф кошулбайт. Үчүнчү мисал - белгилүү бир сөздөрдө узун алифтин жоктугу (атап айтканда, ат атоочтор). Башка да көптөгөн учурлар бар.

Араб тилинин грамматикалык формулаларын жана окутуу ыкмаларын кайрадан карап чыгуу маанилүү. Этиштин предмети менен объектисин, айрыкча, объект предметтен мурун, айырмалай билүү маанилүү экендигин моюнга алуу керек, анткени алардын ортосунда айырмалай албоо болжолдонгон маанини түшүнүүгө таасир этиши мүмкүн. Ысымдын акыркы үндүү тамгалар менен айырмаланып, узак үндүү тамгалар менен аталышы мүмкүн эмес (мисалы, Муна жана Лайла сыяктуу) жана сүйлөмдүн ирети же контекст гана предмет менен объектини айырмалай алат. Бирок, ашыкча сөздөр сын атоочту жана тактоочту айырмалай албайт. Зат атооч белгилүү бир сапатта же белгилүү бир абалда тургандыгын бизге эч кандай бурмалап айтууга болбойт; Акыр-аягы, эки жагдай тең баяндалат. Ошондуктан, бул көйгөйлөр көптөгөн грамматикалык эрежелерди кылдаттык менен карап чыгууну талап кылат. Араб тилинин грамматикасын түзүүдө жана окутууда мааниге байланыштуу формалдуулукка, салттарга жана кесипкөйлүккө аралашпастан, тилдик реформа кыймылы сүйлөмдөрдүн түзүлүшүнө жана контекстке өзгөчө көңүл буруу зарыл. Классикалык араб тилин жөнөкөйлөтүп, аны жогорку жана орто билимдүү адистер үчүн артыкчылык болбогон мусулман окуучуларынын туура жана натыйжалуу колдонуусуна шарт түзүү керек. Биздин доордун тилчилери даңктуу Куранды түшүнүү жана анын маанисин жана стилин түшүнүү үчүн зарыл болгон негиздерге таасирин тийгизбестен, тилди жөнөкөйлөтүп, тилдин эффективдүү натыйжалуулугун арттырууга аракет жасашы керек.

Арабдар тилди байыркы жана азыркы учурларда колдонуп келген ар

4 Түрү боюнча ал / а /, / у / же / и / болобу дегенди билдирет. Орду боюнча, бул сөздүн башында, ортосунда же аягында болобу деген маанини билдирет.

кандай жолдорун, алардын бири-бири менен байланышуу жөндөмүнө таасир этпегендигин жана чечендигин төмөндөтпөгөндүгүн эске алышы керек.

Эл аралык ислам ойлору институту жана МЭИУ араб тилин байытуу жана ага ылайыктуу орун берүү үчүн күч-аракет жумшоо керектигин түшүнүшсө дагы, бул милдеттенме алардын эч биринин колунан келбейт. Алар жетишкен эң жогорку ийгилиги - МИУМда араб тилин үйрөтүү жана илимпоздорго жана үммөттүн интеллектуалдык элитасына баштапкы материалдарды берүү болду. Эки институт ошондой эле, араб жана англис тилдеринде журналдарды жана башка мезгилдүү, басылмаларды чыгарууга көңүл бурушкан. Араб тилинде интеллектуалдык жана билим берүүчү жана илимий эмгектердин басылып чыгарылышы үммөттүн билимин жана ойлорун байытып, алардын англис тилинде жарыяланышы заманбап дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү элдердин жана интеллектуалдык элита менен дүйнөлүк заманбап байланыш каражаты болуп саналат.

Кызыктар тараптар үчүн расмий жана расмий эмес, кайрымдуулук жана коммерциялык, жергиликтүү жана эл аралык, илимпоздук жана илимий котормолорго, айрыкча негизги академиялык жана илимий мезгилдүү басылмалардын Курандын тилине которулушуна, бул тилди байытуу жана аны бардык мусулман элдери үчүн илимий жана билим берүүчү тил катары кабыл алуусуна өзгөчө көңүл буруу керек. Ислам билим берүү илим жана маданият уюму (ISESCO), Араб мамлекеттеринин лигасынын билим берүүчү маданий жана илимий уюму (ALEXO), мусулман өлкөлөрүнүн өкмөттөрү, ошондой эле, ислам дүйнөсүндөгү билим берүү жана илим мекемелери бул планды ишке ашыруу жана ийгиликке жетишүү үчүн жана үммөттүн цивилизациялык максаттары менен адамзаттын жыргалчылыгы үчүн өз аракеттерин координациялоосу керек. Башкалар илим жана технологияны бизге өткөрүп берет деп ойлогондо өзүбүздү өзүбүз алдайбыз, себеби илим жана технология таң калычтуу ылдамдыкта өнүгүп келе жатат.

Аларды адистешкен, илимий ой жүгүрткөн, чыгармачылык жөндөмдүүлүккө жана бай тажрыйбага ээ болгон адам гана өздөштүрө алат. Ошондуктан, үммөттүн жаңы муундары жана келечектеги кадрлар үчүн мыкты интеллектуалдык даярдыкты камтышы керек. Илим жана технология жаатында басылып чыккан ар бир жаңы чыгарма, өз кезегинде, алардын энергиясын жандандырат, шыктануу сезимин ойготот, ой жүгүртүү жана билим берүү ыкмаларын жана методдорун өзгөртөт жана алардын маданиятын, айрыкча араб маданиятын байытат. Башында, бул ар кандай мусулман элдеринин эне тилинде жасалышы керек, андан кийин кылдат иштелип чыккан планга ылайык, аларды Курандын тилин колдонуп маданий жактан бириктирсе болот.

Үммөттүн чечкиндүүлүгү жана түшүнүгү болсо жана ал жөндөмдүү жана жемиштүү болууга мүмкүнчүлүк берген бардык куралдарды иштеп чыкса, аны колдонсо жана Аллахтын жардамы менен илимий жана техникалык мекемелерди жана жумушчуларды жандандырса, бул максатка жетүү оңой.

## Билимди өркүндөтүү жана изилдөө иштерине дем берүү

МЭИУда билимди исламдаштыруу үчүн зарыл болгон иш-аракеттердин экинчи жагы – билимди өстүрүү жана изилдөө иш-аракеттерин илгерилетүү.

Университеттеги бакалавриат жана анын бардык бөлүмдөрдө бири-бирин толуктап турушу, интеграцияланган билимге жана методикалык жөндөмгө ээ жумушчу күчтү даярдоодо, дисциплиналар аралык жана салыштырмалуу изилдөөлөрдүн толук спектрин түзүүдө абдан маанилүү. Экинчи жагынан, аспирантура, окутуучулар жана аспиранттар тарабынан жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөр, илимий борборлордун долбоорлору, бул долбоорлордун жашоо жана коом менен өз ара аракеттенишүүсү, илимпоздук жана илимий эмгектердин басылышы жана эл аралык мезгилдүү басылмалар, академиялык семинарлар жана окутуучулардын жолугушуулары, диалог жүргүзүүлөр, академиялык жана илимий маселелерди жана көйгөйлөрдү талкуулоо, пикирлер жана тажрыйбалар менен алмашуу, академиялык жана эл аралык институттар менен симпозиумдарды жана конференцияларды өткөрүү – бул маселелердин бардыгына МЭИУда өзгөчө көңүл бурулуп колдоо тапты.

Ушул себептен жана салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде университет – диний, гуманитардык, медициналык жана инженердик билим берүү чөйрөсүндө академиялык жана илимий аянтчага айланды. Бул жерде ар кандай окуу темалары боюнча көптөгөн симпозиумдар жана конференциялар өткөрүлдү.

Эң башынан тартып, МЭИУ магистрдик жана доктордук даражасын сунуш кылган кеңири аспирантураны сунуштайт, анын ичинде ислам таануу, гуманитардык илимдер, билим берүү, экономика, укук жана инженердик тармактарындагы бир катар даражалар бар. Китепкана жана лабораториялык жайлар бар, ар кандай билим берүү, илимий жана өнөр жай мекемелери менен кызматташуу каналдары түзүлгөн. Бул саясат жана кызматтардын бардык түрлөрүн көрсөтүүгө даярдыгы, ошондой эле окшош кызыкчылыктары бар ар кандай тараптар менен кызматташуу жана алмашуу иш-аракеттери жемиштүү болуп, окутуучулардын жана аспиранттардын көптөгөн изилдөө иштерине алып келген. Университет бул эмгектердин стандарттарын өркүндөтүү жана

үммөттүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн исламий ойду жайылтуу боюнча тынымсыз аракет жүргүзүп келет.

МЭИУ изилдөө борбору, окумуштуулар кеңеши жана анын ар кандай колледждердеги комитеттери билим берүү, илим жана өнөр-жай мекемелери, компаниялар жана концерндер менен биргеликте изилдөөчүлөргө колдоо көрсөтүп, алардын долбоорлорун каржылап турушат. Университет дароо муктаждыктарды канааттандыруу үчүн кылдаттык менен даярдалган изилдөө пландарын ишке ашырды. Изилдөө артыкчылыктарына МЭИУ жана үммөткө ылайык келген чөйрөлөрдө мыкты изилдөө жөндөмүн көрсөткөн ар бир адамдын жүгү азаят. Студенттерди окутууда интеграцияланган билимге жана окуу программаларын толуктоого кызмат кылуу максатында, МЭИУ эксперттер менен адистерге (көрүнүктүү соттор жана юристтер, ийгиликтүү ишкерлер жана тажрыйбалуу илимпоздор) изилдөө пландарынын чегинде эшиктерин ачат. Окутуу жана изилдөө программаларына катышуу, кеңеш берүү жана консультация же университеттин ишин жетектөөчү жана окуу пландарын жана программаларын өркүндөтүүчү кеңештерде жана комитеттерде кызмат кылуу менен алар толук же жарым-жартылай салым кошо алышат.

Академиктер толугу менен ишке ашырган илимий долбоорлордун бири окуу программаларын жана окуу китептерин даярдоо, ошондой эле эл аралык ислам мектеби үчүн билим берүү уюмунун планын иштеп чыгуу болгон. Бул мектеп ислам билим берүү системасынын өзөгү болуп, жалпы билим берүүнүн бала бакчадан баштап орто билим алууга чейинки бардык баскычтарын камтыган. Бул система исламдык түшүнүктөргө жана көз караштарга негизделет жана балдарды туура, позитивдүү жана билимдүү исламдык билим менен камсыз кылууга багытталат. Ошондой эле, аларда ырым-жырым, бурмалоолор жана байыркы маданияттардан калган каада-салттардын калдыктарына алданбай, бекем илимий жана методологиялык ой жүгүртүү пайда болот. Бул мектеп системасы окуучулардын үй-бүлөлүк жана мектептик билим берүү концепцияларын кайрадан жаратууга аракет кылып, алар исламдык өкүлчүлүк түшүнүгүн чагылдырган чыгармачыл, демилгелүү, конструктивдүү жана реформалоочу рухта ардактуу адам болуп өсүп чыгат. Долбоордун туу чокусунда бардык деңгээлдеги мектеп түзүлдү, анын курамына профессордук-окутуучулар курамынын балдары жана жалпы жамааттын балдары кире турган бардык балдар кирди. Долбоор алгачкы баскычта болсо дагы, системанын жана окуу программаларынын алгачкы болжолдоолору ийгиликке жетишкендиктин деңгээлин көрсөтүп турат, бул каалаган иш-аракеттерди улантууга үндөйт.

Изилдөө борборунун жана анын деканатынын милдеттеринин бири бул профессордук-окутуучулук курам тарабынан алардын жана мекемелердин

атынан же өз ара кызматташуу аркылуу консультацияларды жана илимий долбоорлорду уюштуруу. Андан тышкары, МЭИУ профессордук-окутуучулар курамынын мыкты чыгармаларын жарыялоо программасын иштеп чыккан. Ошондой эле, англис тилинде бир катар журналдарды басып чыгарат, алардын айрымдары адистештирилген жана ар кандай колледждер жана атайын илимий борборлор тарабынан басылып чыгарылат. Ошондой эле, араб тилинде аль-Таджди [Инновация] аттуу академиялык журнал жарык көрөт. Изилдөө жана ой жүгүртүү илимге негизделген жана исламга кызмат кылууну көздөгөн учурда, университет ар дайым үгүттөгөндөй, объективдүүлүктүн жана эркин интеллектуалдык билдирүүнүн жогорку академиялык стандарттарын сактайт.

Бул аракеттер бардык окуу жайлардын жана кафедралардын академиялык иш-аракеттери менен толукталат. Мисалы, академиялык программалар, анын ичинде семинарлар, лекциялар, панелдик дискуссиялар, ички, регионалдык жана эл аралык конференциялар. Ислам окууларында, гуманитардык илимдер жана физика илиминде жыл сайын ушул сыяктуу конференциялар жана жолугушуулар уюштурулат. Билимди исламдаштыруу бул иш-аракеттердин үммөткө тиешелүү маселелерин талкуулоого жана исламдык көз караш менен өнүгүүгө багытталган принцип болуп саналат. МЭИУ иш-аракеттеринин олуттуу жана натыйжалуулугунан улам, өлкө ичинде жана андан тышкары ар кайсы университеттер жана илимий борборлор, ошондой эле эл аралык институттар университет менен кызматташып келишкен. Булардын катарына Ислам ойлору Эл аралык институту, Ислам билим берүү, илим жана маданият уюму (ISESCO) жана Ислам өнүктүрүү банкы кирет. Кызматташтык изилдөө чөйрөсүн жана тажрыйбасын кеңейтүү менен илимий-изилдөө аракеттерин да кеңейтти. МЭИУ профессордук-окутуучулук курамы тарабынан аткарылган жана уланып жаткан илимий-изилдөө иштеринин жылдык китебин чыгарат. Ошентип, МЭИУнун академиялык программалары исламдын руху, көз карашы жана маданий максаттары менен илимдин заманбап чөйрөлөрүнүн бардык жакшы жактарын камтыгандыгын далилдеди. Мунун баары гүлдөп турган цивилизациялык келечекке болгон үмүттү жаратат.

# Окуу жана билим берүү иш аракеттерин интеграциялоо

Окуу программаларын реформалоо студенттерди акыл-эсинин мазмунун жана окуу методдорун түзүүчү таанып-билүүчү негиздер менен камсыз кылат. Ошол эле учурда, студенттердин психикасын калыптандырууда жана келечекте коом менен өз ара аракеттенүүдө маданий иш-чаралар жана кампустун ишмердүүлүгү чоң мааниге ээ.

Университеттин чөйрөсүндө студенттерге бериле турган биринчи ресурс бул ишенимдүү жалпы билим, мусулман коомчулугунда орун алган бурмалоолорду жоюу үчүн зарыл болгон бардык тармактардагы кемчиликтерди четтетет. Ушул максатта иштелип чыккан курстар жана программалар студенттерге сунуш кылынган жалпы талаптардын программасына киргизилген. Буга университеттик деңгээлдеги академиялык программалар жана студенттердин иштери боюнча программалар кирет.

Алар студенттердин билим деңгээлиндеги кемчиликтерди жоюуга багытталган; алардын рухий, диний, маданий жана билим берүү тармагын өркүндөтүү; аларды маданий жөндөм, социалдык жана физикалык көндүмдөр жана конструктивдүү энергия менен жабдуу. Интенсивдүү окуу программасына карабастан, окуучулардын өндүрүмдүүлүгү эки эсе жогорулап, алардын түшүнүү жөндөмү жогорулайт.

Университеттин программасы студенттердин идеялык, этикалык жана маданий негиздерин камсыз кылып, алардын билимин өркүндөтүү максатында окуу планына киргизилген. Программа студенттерди социалдык, лидерлик жана кесиптик ролдорго даярдоого багытталган. Ушуну эске алып, МЭИУ диний доктрина, этика жана жалпы билим берүү курстарынан тышкары, үй-бүлө жана ата-энелик курстары боюнча курстарды сунуштайт. Ал курстар эркек жана кыз окуучуларга илимий, социалдык билим берүү жана ислам көз карашын түшүндүрөт. Максаты - негизги социалдык түзүмдүн, үй-бүлөнүн пайдубалын, бекем исламдык психосоциалдык исламдын пайдубалын куруу жана жаш ата-энелерге билим берүү методдорун колдонууга жана каалаган максаттарына жетүү үчүн окуу куралдар менен камсыз кылуу. Бул жарандарды рухий жана адеп-ахлактык күчкө, объективдүү акыл-эс жөндөмдөрүнө, чыгармачыл психологиялык потенциалга, кадыр-баркка жана өзүнө ишенүү сезимдерине тарбиялоо аракети.

Ушул эле максатта МЭИУ чыгармачыл ой жүгүртүү жана көйгөйлөрдү чечүү курсун сунуштайт. Курс чыгармачыл ой жүгүртүүнүн табиятын, анын психологиялык жана билим берүү негиздерин, ошондой эле илимий

куралдарын түшүнүүгө жардам берет. Ошентип, жаштар өз ойлорун жана жөндөмдөрүн өркүндөтүүдө, ошондой эле үммөткө жана анын жаш муундарына цивилизацияны куруу жарышына катышууга мүмкүндүк берген негизде балдарын тарбиялоодо жетекчилик кыла алышат.

Бул курс «Цивилизациянын өркүндөшү жана кулашы» деп аталат. Бул университеттин талабы, себеби бул умма бир катар байыркы цивилизациялардын мураскору болгон жана азыркы учурда башка цивилизациялар менен тыгыз жарышууда.

Ошондуктан, жаштар маданий жана илимий көз караш менен куралданган болушу керек, бул каалаган цивилизациялык ислам реформасынын программаларын рационалдаштырууга жардам берет.

Университет үй-бүлө жана ата-энелик, чыгармачыл ой жүгүртүү жана көйгөйлөрдү чечүү боюнча окутуу үчүн эки аспирант дипломун киргизди. Бул университетке ушул сабактар боюнча курстарды негизги талаптарга киргизүүгө мүмкүндүк берет. Ушул эле максатта студенттик иштер боюнча бюро ачылган. Бул МЭИУнун эң ири жана эң маанилүү кеңселеринин бири. Анын милдети студенттердин потенциалын ачып берүү, аларга боордоштук жана топтук рух жана үммөткө таандык сезимди үйрөтүү. Окуу жайдын жетекчилик иш-аракеттердин жана тажрыйбалардын кеңири чөйрөсүн, маданий программаларды, акысыз билим берүү жана көндүмдөрдү окутууну камсыз кылат. Бул программалар бардык студенттерди жана мугалимдерди бир чоң үй-бүлөгө бириктирет. Университтетте токсон алты улуттун студеттерине кырктан ашуун улуттагы мугалимдер сабак беришет.

Чындыгында, административдик кызматкерлердин билим берүү ролу кыйла таасирдүү болушу мүмкүн. Анткени, алар өзүлөрү менен түздөн-түз байланышкан жана күнүмдүк окууга өз таасирин тийгизген студенттерге үлгү болушат. Алар өзүлөрүнүн түшүнүктөрүн жана башкалар менен мамиле түзүүнүн стилин ошол өз ара мамилелердин үлгүсүнө жана сапатына негиздейт. Ошондуктан, исламдык миссиянын маанисине таянып, МЭИУнун өз кызматкерлеринин кадыр-баркын сактоого, муктаждыктарын канааттандырууга бардык күч-аракетин жумшайт. Бул аларга келечегин курууга жардам берүү үчүн жеңилдетилген насыяларды берет, аларды жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүн медициналык кызматтар жана бала-бакчалары менен камсыз кылат. МЭИУ өз кызматкерлерине кылган мамилеси ушундай.

Мындан тышкары, кызматкерлердин студенттерге жакшы мамиле жасашы, алардын ар-намысын жана адамдык табиятын сыйлашы, алардын муктаждыктарына кам көрүшү, аларга ар дайым жардам берүүгө жана алар берген бардык арыздарды эркин иштеп чыгууга, аларга мүмкүн болгон кызматтарды көрсөтүүгө даяр болуп, маселелерди татаалдатпастан, алардын

этникалык, тилдик же диний таандыктыгын эске албастан консультацияларды өткөрүп турушат. Мусулман жана мусулман эместерге бирдей мамиле жасалат.

Тажрыйба, жоопкерчилик сезимин, тилектештикти жана адилеттүүлүктү, теңдикти, бейтараптуулукту, ыраазычылыкты бекемдөөгө жана урматтоого негизделген, ошондой эле окутуу жана тажрыйба менен камсыз кылуу, жетекчилик жана кеңеш берүү менен позитивдүү энергия чоң натыйжа алып келиши мүмкүн экендигин айтат. Тажрыйба көрсөткөндөй, жетишкендик, прогресс жана ийгилик көп күч-аракетти талап кылат, бирок тоскоолдуктар, чыр-чатактар жана артта калуу маселеси чындыгында чоң күчтү жана аракетти талап кылаары шексиз. Чыныгы жакырчылык жана муктаждыктар ресурстар менен эмес, жашоонун жана рухтун жетишсиздиги менен байланыштуу экендиги айдан ачык.

## Келечектеги натыйжалар

Исламдык рух жана миссия бардык жумушчу мамилелерге мүнөздүү, командалык дем куруу менен бирге, укмуштуу академиялык имаратынын аркасында он жылдын ичиндеги жетишилген ийгиликтер бар. Бул жетишкендиктер билим планын жана концепцияларын исламдаштыруунун жана МЭИУнун чыгармачыл окуу пландарынын, ошондой эле эң үнөмдүү чыгармачыл академиялык программалардын жана имараттардын исламдык стили менен шартталган. Демек, билимди исламдаштыруу долбооруна жана анын цивилизациялык пайдубалына негизделген бул сонун имарат, үммөткө бардык тармакта мыкты жумушчу күчүн берип жаткандыгы таң калычтуу эмес.

Ошондой эле, анын академиялык программалары, системалары, жоболору, ошондой эле маданий, социалдык жана билим берүү чаралары жогорку билим берүүдөгү сапаттуу жана сандык кадамы экендиги таң калыштуу эмес. Бул тажрыйба жана таланттардын, ошондой эле, изилдөө чөйрөлөрдүн көйгөйлөрүн жана маселелерин камтыган кадам. Бул үммөттүн цивилизациялык умтулууларын канааттандыруу, илимпоздордун потенциалын ачуу, жашырылган жөндөмдөрдү жана өндүрүмдүүлүктү жандандыруу, ошондой эле, үммөттүн руханий, интеллектуалдык жана функционалдык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жогорку билимди жандандыруу жагынан алдыга коюлган кадам. Ушул кыска мезгилдин ичинде өз өнөрлөрүн көрсөтүп, МЭИУ студенттери башка, жакшы түзүлгөн университеттерди аяктаган кесиптештерине караганда, мыкты мүмкүнчүлүктөргө ээ экендигин жана алар көбүнчө маданий жана спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрү

экендигин Малайзияда гана эмес, ошондой эле Чыгыш Азия жана Азия - Африка турнирлеринде далилдеди.

Алар ар дайым Австралия-Азиялык деңгээлде жана эл аралык маданий сынактарда алдыңкы орундарды ээлешет. Колледж студенттеринин 2000-жылкы эл аралык дебат конкурсунда МЭИУ командасы англис тилин билбеген өлкө үчүн биринчилерден болуп он команданын катарына кирди. Чындыгында, команда дүйнө жүзүндөгү англис тилдүү университеттердин жүздөгөн командаларынын арасында жетинчи орунду ээледи. Андан тышкары, таэквондо боюнча МЭИУ эркек жана аял командалары - Малайзияда ушул спорттун чемпиондору. 1998-жылы университеттин футболдук командасы жаңы кампуста өз талаасын алган кезде, ал чемпионатты үч жыл бою өткөргөн мурдагы командага каршы Малайзиянын футбол турниринде жеңишке жетишти. Мелдеште университеттин командаларынын бири дагы МЭИУ командасына бир да гол киргизе алган эмес.

Бул жаш университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн жетишкендиктери жана алардын жетекчилиги жана бүтүрүүчүлөрдүн коому тарабынан катуу көзөмөлгө алынган жогорку лидерлик кызматтары жөнүндө отчеттору университеттин өзөктүк логикасынын негизделгендигининин айкын далили болуп саналат. Билимди исламдаштыруунун логикасы - жогорку билимди жандандыруу жана үммөттүн умтулуулары үчүн кызмат кылуу. Ошондой эле, бул логиканын негиздери аз күч жана эң арзан чыгым менен үммөттө жашырылган энергияга дем бере алат. Андан кийин алардын саны – сапатка, жетишсиздиги – молчулукка, арзаны – баалууга жана кымбатка айланат.

Бул маданий жана билим берүү программалары өз жарандарынын потенциалдуу энергиясын жана өндүрүмдүүлүгүн жандандырып турган сергек жашаган элдердин жана алардын жигердүү системаларынын тажрыйбасы. Ошондуктан, МЭИУ эксперименти инновациялык иш болуп саналат жана аны карап чыгууга татыктуу. Үммөттүн кызыкчылыктарына жана умтулууларына кызмат кылуу үчүн мусулман дүйнөсүндө жогорку билимди өркүндөтүүдө жана жандандырууда үйрөтүлгөн сабактар көптөргө пайда алып келет.

# Ресурстар жана каражаттар

Күн тартибинин олуттуулугу, жасалган кадамдар, МЭИУ долбоорунун максаттары жана милдеттери, ошондой эле, жетишкен методикалык реформалар, ал иштеп чыккан академиялык жана билим берүү саясаты, мунун баары университеттин активисттерге кайрылуусуна жана көптөгөн жүрөктөрдө үмүттү ойготууга мүмкүндүк берди. Анын негиздөөчүлөрү долбоордун идеалдарынын кантип ишке ашканына күбө болушту жана академиялык деңгээлде адамзаттын өнүгүү үлгүсү катары күчтүү, аң-сезимдүү мусулмандар катары ийгиликке куштар болушту. Демек, каржылык жана башка салымдарды кошуунун зарылдыгы жана негиздемеси ойгонду. Жашоонун ар кандай чөйрөсүндөгү адамдар – жөнөкөй адамдар, мусулман дүйнөсүнүн активисттери университетке барып, анын иш-аракеттеринин жүрүшү менен таанышып, ал жөнүндө мүмкүн болушунча көбүрөөк билип, кеңеш берип, шыктандырып, салымдарын кошушту.

Малайзия өкмөтү МЭИУ программаларын, мекемелерин жана имараттарын каржылоого милдеттенсе да, көптөгөн эл аралык ислам институттары жана уюмдары кампустун имараттарын, стипендиялык фонддорун жана эл аралык конференцияларды каржылоого мурда болуп көрбөгөндөй салымдарын кошушту. Ушул сыяктуу эле, кайрымдуулук уюмдары, ишкерлер жана башка меценаттар университетке жана анын стипендиялык фондуна каржылык жардам көрсөтүштү. Ошентип, токсон алтыдан ашуун улуттун миңдеген мыкты окуучулары, Мусулман дүйнөсүндөгү бардык этникалык топторду жана маданияттарды, келечектеги биримдикти чагылдырган окуу жайда билим алууга колдоо табышат.

Салымдар финансылык форманы гана камтыбайт; МЭИУ миссиясы менен өз ара аракеттенүү, анын адамдык ресурстарынын артыкчылыгы, профессордук-окутуучулук курамга кирүү үчүн курмандыктарга барган адамдар менен көрсөтүлөт. Алар билимин жана тажрыйбасын студенттерге сунуштап, МЭИУнун академиялык жана билим берүү программаларын колдошот.

МЭИУ тарабына Малайзия калкынан, академиялык жана илимий ислам институттардан, жеке адамдардан жана чет элден келген каржылык жана кадрдык колдоо көрсөтүү - бул долбоордун таасиринин бир далили. Бул бардык кызыккан адамдардын жан дүйнөсүнө жана абийирине таасирин тийгизип, аларга жардам берүү каалоосун ойготту, үммөткө кызмат кылуу үчүн кайрымдуулук каалоолорун күчөтүп жана ушул университет аркылуу билим берүү мекемесин жандандырды, келечектеги билимди исламдаштыруу аркылуу ислам ой жүгүртүүсүн, маданиятын жана билимин реформалоого

жардам берүүгө түрткү болду.

Бул тажрыйба жашыруун энергияны стимулдаштыруу, либералдык салымдарды кошуу тенденциясы жана ислам цивилизациясын реформалоо күчтөрүнүн бошотулушунун негизи катары билим берүү мекемесин жандандыруу жөнүндө маанилүү сабактарды өтөт. Бул сабактарды текке кетирбей колдонуш керек.

Эксперимент – жакшы ой жүгүртүлүп, андан пайда көрүп жана башка эксперименттерде үммөттүн келечегине жана анын умтулууларына кызмат кылуу үчүн жогорку окуу жайларын жандандыруу үчүн колдонулушу керек. ИСЕСКО бул экспериментти жана МЭИУнун кампусун чыгармачыл ислам үлгүсү катары каржылайт деген үмүттөбүз. Бул изилдөө мусулман өлкөлөрүнүн университеттеринде жана башка жогорку окуу жайларында жеткиликтүү болушу керек.

# Келечек

«Билимди исламдаштыруу» долбоорунун өлчөмүн жана анын жогорку окуу жайын реформалоодогу ролун билүү зарыл. Бул өз кезегинде үммөттүн интеллектуалдык жана билим берүү жашоосун өзгөртө алат. Үммөттүн дараметин жандандыруучу мусулмандардын абийирин ойготуп, кыймылга келтирип, бурмалоолорду жана алардын маданиятына жана акыл-эсине келтирилген зыянды оңдоп-түзөөчү билим берүү жана изилдөө сапатын, ошондой эле жетекчилердин жана кесипкөй жумушчу күчтөрдүн ишин жакшыртууга болот.

Жогорку окуу жайлары жана интеллектуалдык жана билим берүү саясатын башкаруу жөнүндө жооптуу адамдар жөнүндө билбестен, билим берүүнү жандандырууга жана андан кийинки дем берүү мүмкүн эмес. Болбосо, жогорку окуу жайлары кийинки муундар үчүн бүгүнкүдөй жана мурункудай жараксыз болуп калат. Заманбап цивилизациянын эл аралык критерийлерине жана стандарттарына карабастан, билим берүү системасы алсыз бойдон калат. Жумушка орношкон жумушчу күчтөр дагы деле бүдөмүк ой жүгүртүүсүнө, булганган маданиятка, туура эмес программаларга ээ болууну уланта беришет. Алар өзүлөрүнүн жашоо үчүн инстинктине негизделген каражат табуудан башка эч нерсе издебейт. Аларга канчалаган импорттолгон техникалар берилгендигине карабастан, алар кайдыгер болушат. Келечектеги шарттарды өткөн тажрыйбадан билүүгө болот.

Билимди исламдаштыруу мектеби өнүгөт деген үмүт элиталык

интеллигенцияны, ойчулдарды, агартуучуларды жана исламдык ой жүгүртүүсү жана көз караштары бар бардык топторду кабыл алып, аларга эскертүү бере алат. Бул адамдар жалпы интеллектуалдык жана методологиялык реформаларга, айрыкча жогорку билим берүүнү реформалоого жооптуу болушу керек. Анткени, ушул чөйрөдө үммөттүн элиталык, академиялык, илимий жана кесиптик күчтөрү пайда болот. Каралып жаткан элита, ырым-жырымга жана Кудайдын мыйзамдарына негизделбеген объективдүү ой жүгүртүүгө карама-каршы келген бардык нерселерди жок кылуу менен мусулман маданиятын тазалоо жана өркүндөтүү үчүн зарыл болгон интеллектуалдык аракеттерди жасашы керек.

Бул процесс ийгиликтин маанилүү шарты болуп саналат. Мусулмандар колунан келген аракеттин баарын жасап, андан кийин Аллахка таянышы керек деп күтүлгөндүктөн, элита бардык маселелерди Аллахтын эркине көз каранды болгон ишеним жана сыйынуу аркылуу негиздеши керек. Алар исламдык көз карашты, өкүлчүлүктүн моралдык түшүнүгүн жана конструктивдүү, цивилизациялуу менталитетти колдогон жана бекемдей турган бардык нерсени күчөтүшү керек. Билим берүү программаларын реформалоо, ата-энелерди окутуу жана аларга билим берүү үчүн зарыл болгон ислам адабияттары жеткиликтүү болушу керек. Бул өкүлчүлүктүн милдеттерине ылайыктуу жана кулчулук менталитетинин коркунучунан куткарылган муунду тарбиялоо үчүн керек; тазалык жана момундук, демилгелүүлүк жана чыгармачылык руху менен мүнөздөлгөн муун. Жаштардын аң-сезимине жана абийирине таасир эткен ата-энелер гана өзгөрүүлөрдү башташы мүмкүн. Бул ата-энелерди балдардын жыргалчылыгына болгон сезимтал камкордугу жана балдардын кызыкчылыгы үчүн бардыгын курмандыкка чалууга болгон каалоосу менен интеллигенцияны жана билим берүүчү билимге негизделген реформалардын жана өзгөрүүлөрдүн ачкычы кылат.

Дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрү, алардын ойчулдары жана тарбиячылары тарабынан жүргүзүлгөн окумуштуулук, илимий жана билим берүү изилдөөсүн ата-энелерге, мугалимдерге, жамааттын жетекчилерине жана ислам ойчулдарына салыштырып көрсөк, анда үммөттүн артта калган сырларынын бири ачылат. Себеби, анын умтулуусу мусулман балдарына, ошондой эле, аларды тарбиялоо жана окутуу үчүн керектүү адабияттарга көңүл бурулбай калган. Мындан тышкары, ислам маданияты жана билим берүү тармагындагы аз гана каражат менен үммөттүн интеллектуалдык жана кесипкөй жумушчу күчтөрүн даярдоого көңүл бурулбайт. Бул жогорку окуу жайларында натыйжалуу ислам маданияты үчүн тынчсыздануунун жоктугуна байланыштуу. Бул алардын окууну жана билимди жандандырууда, ошондой эле үммөттүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн лидерлерди жана

кесиптик күчтөрдү окутууда роль ойной албоосу деп айтсак болот.

Мусулман акылынын натыйжалуу болушуна тоскоол болуп, анын ой жүгүртүүсүнө, маданиятына жана билим берүү программаларына таасир эткен бурмалоолорду жоюп, анын дараметине түрткү боло алышпайт. Илимий жана технологиялык жумушчу күчтөрдүн санынын көп болушу максат эмес. Андан көрө, биз бул күчтөрдү үммөткө кызмат кылууга, анын муктаждыктарын канааттандырууга жана анын трансформациялык жана цивилизациялык умтулууларын жүзөгө ашырууга көмөк көрсөтүшүбүз керек. Бул алардын адистиктерин жогорку деңгээлде өздөштүрүүнү, жемиштүү жана олуттуу болууну жана мыкты натыйжалуулукту талап кылган жоопкерчилик сезимин камтыйт. Билим берүүнү реформалоо, маданиятты өркүндөтүү жана ата-энелердин педагогикалык билимин жогорулатуу ислам цивилизациясынын маанилүү багыттарынын бири. Ислам ойлору Эл аралык институту жаш мусулмандардын дараметин ийгиликтүү ачып берип, алардын жашыруун жөндөмдөрүн жандандырып, ишинин артыкчылыгын далилдеп, анын концепцияларын жана принциптерин камтыган үлгү жана эксперимент сунуштоодо. Малайзия Эл аралык ислам университети үммөткө кызмат кылууда жогорку билимди жандантуу үчүн эксперимент катары кызмат кылды. Түштүк-Чыгыш Азиядагы азыркы шартта, университет өз миссиясын ийгиликтүү аткарып, үммөткө жогорку билим берүүнү жандандырууга жана анын пайдубалын реформалоого багытталган башка аракеттерге үлгү болот деп үмүттөнөбүз. Бул нерсеге жетишкенде, жогорку билим Аллахтын уруксаты менен үммөттүн дараметин колдонуп, анын жетекчилигин, ошондой эле билим берүү жана кесиптик жумушчу күчтөрүн адамзат цивилизациясына кызмат кылып, анын прогрессин башкарууга түрткү берет.

***Доктор Абдулхамид Абу Сулайман.***

*Автор – АКШдагы Ислам ойлору Эл аралык институтунун президенти; АКШдагы Балдарды Өнүктүрүү Фондунун президенти жана Малайзиядагы Ислам ойлору Эл аралык институтунун мурунку ректору. Ошондой эле, ал – Үммөттү реформалоо боюнча бир нече макалалардын жана китептердин автору, анын ичинде: Эл аралык мамилелердин исламдык теориясы: Исламдык методологиянын жана ой жүгүртүүнүн жаңы багыттары, Мусулман аң–сезиминин кризиси жана ислам экономикалык теориясы: Философия жана заманбап каражаттар.*

Жогорку окуу жайлардагы реформа жана жандандыруу – Үммөттүн ойгонушу үчүн, анын цивилизациялык умтулууларын жана глобалдык миссияларын ийгиликтүү жүзөгө ашыруу үчүн маанилүү элементтер болуп саналат. Бул эмгек, билим берүү жаатындагы мамилебизди, айрыкча, билимди исламдаштыруу аркылуу, башкача айтканда, адамдык ишмердүүлүк, универсалдуу мыйзамдар жана ушул аракеттердин куралы катары илимий-техникалык билим чөйрөсүндө ар тараптуу, руханий жана адеп-ахлактык жетекчиликти камтыган Ачык билим менен кудайлык жана адамзаттын булактарын күчтүү бир бүтүндүккө бириктиргендей кылып, реформалоого чакырат. Малайзиядагы Эл аралык Ислам университети (1984-жылы негизделген) Билимди Исламдаштыруу Концепцияларын университеттин билим берүү планына киргизүүнүн ийгилигин жана турмушка жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүчү кейс–стади (тематикалык изилдөө үлгүсү) катары иш алып барат.

Ислам ойлору Эл аралык институту (IIIT)